# Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтун 2023-2028-жылдар аралыгында өнүктүрүү стратегиясы

Бишкек ш. - 2023 -жыл

КИРИШҮҮ 2

# I ГЛАВА

**Институционалдык өзгөрүүлөр**

**4**

*1.1-милдет. Арыздарды кароонун жана адам укуктарынын жана эркиндиктеринин жана кайра жөнөтүү элементтеринин бузулушуна иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн комплекстүү моделин пайдалануу менен реактивдүү ишти жакшыртуу* **5**

1.2-милдет. Аналитикалык жана мониторингдик мамилелерди жана инструменттерди өнүктүрүү

1.3-милдет. Проактивдүү компонентти толук кандуу ишке киргизүү

1.4 –милдет. Кадр саясатын жакшыртуу 18

1.5-милдет. Башкаруунунжана функционалдык милдеттердин уюштуруучулук жаңы түзүмүн кабыл алуу 21

1.6-милдет. Консультативдик-укуктук жардамдын сапатын, анын ичинде «Ыкчам байланыш 115» аркылуу жогорулатуу 23

**II ГЛАВА**

**Статусту бекемдөө жана мыйзамдарды жакшыртуу 23**

2.1-милдет. Мыйзамдарды жакшыртуу жана «А» статусун алуу 24

2.2-милдет. Сунуштамалардын аткарылышы үчүн шарттарды түзүү 25

**III ГЛАВА**

**Жогорку Кеңеш, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъектилер менен өз ара аракеттенүү, эл аралык кызматташтык 26**

3.1- милдет. Жогорку Кеңеш менен системалык түрдө кызматташууну колдоого жаңы мамилделерди киргизүү 27

3.2 милдет. Министирлер кабинети, аткаруу бийлик органдары жана укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүнү чыңдоо, бул түзүмдөрдүн кызмат адамдарынын адам укуктары боюнча дараметин жогорулатуу 28

3.3-милдет. Жарандык коомдун уюмдары, өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес билим берүү мекемелери, акадлемиялык жана эксперттик чөйрөлөр менен өз ара аракеттенүү форматтарын, ошондой эле эл аралык кызматташуу форматтарын кеңейтүү 30

3.4-милдет. Сектор аралык кызматташтыкты жөнгө салуу 32

**IV ГЛАВА КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР 33**

§ 4.1 Өзгөртүүлөрдү башкаруу 33

§ 4.2. Стратегияны ишке ашыруунун күтүлүүчү натыйжалары 34

§ 4.3 Стратегияны ишке ашырууну ресурстук камсыздоо жана анын аткарылышына контроль. 35

**ГЛОССАРИЙ 36**

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасы эгемен жылдарында саясий бир нече толкундоолорду жана реформаларды башынан өткөрдү. Азыркы учурда өлкө саясий туруктуулук фазасында турат. 2021-жылы конституциялык реформа жүргүзүлүп, негизги мыйзамдар кабыл алынды, мамлекеттик бийлик органдарынын атайын статусу менен конституциялык бир нече органдын статусу аныкталды. Айрым учурларда бул процесс, мисалы, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (мындан ары - Омбудсмен) статусун шайкеш келтирүү жаатында иш улантылып жатат. Ченемдик базаны Кыргыз Республикасынын жаңы кабыл алынган Конституциясына (мындан ары - Конституция) шайкеш келтирүү үчүн мыйзамдарга комплекстүү инвентаризация жүргүзүү иши улануууда жана мыйзамдардын сапаттуулугуна жетишүү, ошондой эле анын натыйжалуулугун баалоо аркылуу күтүлүүчү максаттарга жетүү үчүн укук пайдалануунун мониторинг жүргүзүү тартибин аныктоо пландалып жатат.

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын коргоого карата жагдай, айрым жакшыртууларына карабай, татаал бойдон калууда. Салттуу чакырыктарга кошумча катары мурда анча деле сезилбеген спецификалык суроолор актуалдуу болуп калууда. Андан сырткары, жигердүү жарандар, бейөкмөт уюмдарынын, кесиптик топтордун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, эл аралык уюмдар жана башка мамлекеттик эмес субъектилер адам укугун жана мамлекеттик башкаруунун укук коргоочу сезимталдыгын коргоо тутумун жакшыртууга улам күн өткөн сайын талыкпастан чакырып келе жатышат.

Кыргыз Республикасынын жаранынын (мындан ары – жарандын) жана адамдын Кыргыз Республикасынын Конституциясы (мындан ары – Конституция), кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана башка ченемдик укуктук актылары жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен белгиленген укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) институту (мындан ары – Омбудсмен институту) иштейт.

Омбудсмен адам укугу менен эркиндигинин сакталышына парламенттик контролдун Омбудсмен Институтун жетектеп, жогоруда белгиленген милдеттерди Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 109-беренесинде жана улуттук мыйзамдарда каралган өз компетенциясынын алкагында ишке ашырууда негизги орунду ээлеп турат.

2002-жылы Омбудсмен Институтунда биринчи Омбудсменди шайлаган учурдан тартып, институтта кесипкөй билимдер, тажрыйба жана туруктуу адам потенциалы калыптанып, өлкө ичинде да, жана чет өлкөдө да бедели бир топ жогорулады. Бирок Омбудсмен Институтунда реформа жүргүзүүнүн зарылдыгын негиздеген ички жана тышкы мүнөздөгү бир нече көйгөй даана көрүнүп турат.

Адам укугунун жана эркиндигинин түрдүү чөйрөлөрүндө көйгөйдүн сакталып калышы жана коомдун өзгөрүүгө карата өсүп жаткан суроо-талаптары мамлекеттик институттардын ынтымакта натыйжалуу жана системалык иштөөсүн талап кылат. Биринчи кезекте мыйзамдарды жана практикаларды өркүндөтүүгө, мамлекеттик эмес субъектилер менен өнөктөш мамилелерди түзүүгө, жана адам укугу менен

эркиндигинин ишке ашырылышына контроль жүргүзүүгө, адам укугу жана демократиянын деңгээли боюнча эл аралык рейтингдерде өлкөнүн позициясын жогорулатууга көмөк көрсөтүүгө көңүл буруу керек.

Акыркы жылдары Омбудсмен Институтунун жетекчилиги тарабынан институционалдык өзгөрүүлөргө, тажрыйбаларды, түрдүү субъектилер менен өз ара иштешүү жол-жоболорун жакшыртууга, ошондой эле мыйзамдарды жакшыртуу боюнча жигердүү аракеттенүүгө өтүүгө карай багыт белгиленген.

Азыркы учурда иштин реактивдүү компонентин өнүктүрүүнүн (адам укугу бузулган учурда аракет жасоо) жана проактивдүү багыттын калыптанышынын (адам укугунун бузулушунун алдын алууга, адамдын бузулган укуктарын калыбына келтирүүгө жана укук коргоочу жагымдуу чөйрө түзүүгө багытталган чаралар) зарылдыгы тууралуу түшүнүк бар. Эгерде булардын биринчи компоненти учурда иштеп жатса, экинчиси Омбудсмен Институтут иштеп турган жыйырма жылдын ашык убакыттын ичинде ишке толук кандуу ашырылган эмес.

Өзгөрүүгө карай багытты аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты (мындан ары – Омбудсмен Аппараты) тарабынан жана көз карандысыз эксперттердин катышуусунда консультациялар жана долбоорлоочу семинарлар өткөрүлгөн. Алардын натыйжалары азыркы учурда иштеп турган Омбудсменди кызмат орунга шайлаган мөөнөткө кабыл алынган 2023-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Институтун Өнүктүрүү стратегиясынын (мындан ары – Стратегия) негизине киргизилген.

Бул Стратегиянын актуалдуулугу өлкөдө жана дүйнө жүзүндө болуп өткөн өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, андан ары өнүктүрүүнүн жаңы көрүнүшүн калыптандыруу зарылдыгында турат. Стратегия келечектеги Омбудсмен Институтунун образын жана негизги милдеттерге жетүүдөгү багытты аныктоочу милдеттүү документ катары каралышы керек.

Мында «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдеринен жана башка ченемдик укуктук актылардан жана Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелеринен келип чыгуучу ишмердик ал мыйзамдарга шайкеш келип турган учурда толук өлчөмдө улантылышы зарыл. Стратегиянын маңызы сапаттуу деңгээлди өзгөртүүгө – мурда болбогон же жетиштүү өнүгө албаган прогрессивдүү идеяларга багытталган.

Стратегия Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин жана БУУнун келишимдик органдарынын адам укугун жана эркиндигин коргоо чөйрөсүндөгү сунуштамаларын, анын ичинде төмөнкү документтерди кошо аткаруу үчүн кабыл алынган:

- Адамды колдоо жана укуктарын коргоо менен алектенген улуттук мекемелердин статусуна тийиштүү принциптер «Париж принциптери» (Генералдык Ассамблеянын 1993-жылдын 20-декабрындагы 48/134 резолюциясына тиркеме);
- Улуттук укук коргоо мекемелеринин жана парламенттердин өз ара аракеттери жөнүндө Белград принциптери (Белград, Сербия, 22-23-февраль, 2012-ж.);
- Омбудсмен Институтун коргоо жана колдоонун Венециялык принциптери (Венециялык комиссия тарабынан 118-пленардык сессияда кабыл алынган (Венеция, 15–16-март 2019-ж.).

Андан сырткары, Кыргыз Республикасынын бир нече чечимдерин жана программалык документтерин ишке ашырууга багыттын стратегиясы:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 Жарлыгы менен бекитилген «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы»;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 31-майындагы № 146 Жарлыгы менен бекитилген «2023-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын укуктук саясатынын концепциясы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы»;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 655-р тескемеси менен бекитилген «Адам укугу боюнча 2022-2024- жылдарга иш-аракеттер планы».
- улуттук стратегиялык башка документтер.

Стратегия Омбудсмен Институтун адам укугун колдоо жана илгерилетүү үчүн натыйжалуу Улуттуку укук коргоочу мекеме катары чыгаруу келечегинен келип чыккан. Стратегияны толук кандуу ишке ашыруу Кыргыз Республикасында адам укугун жана эркиндигин сактоо менен жалпы абалды жакшыртууга таасир этиши керек. Стратегия Омбудсмен Институтунун орто мөөнөттүү мезгилге ишинин максаттар, милдеттер жана артыкчылыктуу багыттар тутумун туюндурат. Анын негизги идеясы болуп, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоону өнүктүрүү максатында мамлекеттик башка органдар жана жарандык коомдун институттары менен тыгыз кызматташуу аркылуу Омбудсмен Институтунун ишин жакшыртуу саналат.

Стратегия өзгөрүүлөрдүн негизги багыттарын жана спецификалык чараларды белгилеген главаларга бөлүнгөн. Алсак, I глава институционалдык деңгээлди жакшыртууга арналган жана мындан сырткары, иштин проактивдүү жана аналитикалык багыттарын иштетүүнү камтып турат. II глава Омбудсмен Институтунун статусун чыңдоо маселесине арналган. III глава Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (мындан ары – Жогорку Кеңеш), мамлекеттик жана мамлекеттик эмес башка субъектилер, ошондой эле эл аралык түзүмдөр менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу мамилелерин өнүктүрүү боюнча чаралар комплексин камтып турат. Документ стратегиялык өзгөрүүлөрдү тескөө, мониторинг жана баалоо жүргүзүү чараларын камтыган VI глава менен аяктайт.

Убакыттын өтүшү менен жаңы жагдайлар, идеялар ж.б. пайда болгондо, тийиштүү оңдоолорду, түзөтүүлөрдү ж.б. талап кылган “Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө” конституциялык Мыйзам кабыл алынса, Стратегия түзөтүлүп, толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

Омбудсмен Институту мамлекеттик бийлик органдарына, эксперттерге, түрдүү этаптарда көйгөйлөрдү аныктоодо жана Стратегиянын айланасындагы мазмундуу идлеяларды талкуулоодо катышышкан жарандык коомдун жана эл аралык уюмдардын күлдөрүнө ыраазычылыгын бидирет.

# I ГЛАВА
# Институционалдык өзгөрүүлөр

Көз карандысыз эксперттер жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен болгон ички талкуулардын жана консультациялардын жыйынтыгы боюнча институционалдык мүнөздөгү милдеттерди ишке ашырууну талап кылган көйгөйлүү жааттар табылган. Алардын арасында – реактивдүү компонентти ишке ашыруунун толук кандуу чынжырынын жоктугу (арыздарды кароодо), жайылтылтууга ээ болбогон проактивдүү жана аналитикалык иш. Дагы бир кемчилиги болуп, мезгилдин талаптарына шайкеш келбеген кадр саясаты, башкаруу түзүмү жана персоналды баалоо тутуму саналат. Андан сырткары, документтерди жүгүртүүнүн жана арыздар, жетекчинин тапшырмалары ж.б. боюнча аткаруу өндүрүшүн эсепке алуу жана контролдоонун моралдык жактан эскирген автоматташтырылган маалымат тутуму белгиленет.

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына Омбудсмен Институтунда персоналды жана реактивдүү жана проактивдүү компоненттерди ишке ашырууну бирдей колдоого, арыз ээлерине комплекстүү консультативдик-укуктук жардам көрсөтүүгө жана персоналдын ишинин натыйжалуулугун, контролун, функционалдык милдеттерин жана Стратегияны ишке ашырууга кошкон салымын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берүүчү процесстерди башкарууну координациялоонун натыйжалуу тутуму белгиленген.

Бул багыт төмөнкү милдеттерди туюнтат: (1.1) арыздарды кароонун жана адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн комплекстүү моделин пайдалануу менен реактивдүү ишти жакшыртуу; (1.2) аналитикалык жана мониторингдик инструменттерди өркүндөтүү; (1.3) проактивдүү компонентти толук кандуу киргизүү; (1.4) кадр саясатын жакшыртуу; (1.5) башкаруунун жана функционалдык милдеттердин уюштуруучулук жаңы түзүмүн кабыл алуу; (1.6) консультативдик-укуктук, анын ичинде «115 ыкчам байланышы» аркылуу жардамдын сапатын жогорулатуу.

### *1.1-милдет. Арыздарды кароонун жана адам укуктарынын жана эркиндиктеринин жана кайра жөнөтүү элементтеринин бузулушуна иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн комплекстүү моделин пайдалануу менен реактивдүү ишти жакшыртуу*

Бүгүнкү күнү Омбудсмен Институту ага бузулган укуктарын калыбына келтирүү үчүн адамдар кайрылган негизги расмий инстанциялардын катарына кирди. Кейстердин көпчүлүгү ийгиликтүү чечилип жатат, бирок инерттүүлүк менен жол-жобонун жеткиликтүү иштелип чыкпай калышынан улам, тутум агымга туура коюлган деп айтууга жол бербейт. Арыз ээлеринин суроо-талаптары менен байланышкан маселелердин бардыгы эле Омбудсмен Институтунун өзүнүн контролу алдында объективдүү турат дегенден алыс экенбизди белгилеп кетүү керек. Омбудсмен Институтунун мандатын түшүнбөгөндөн улам, адамдар тигил же бул маселелер боюнча Омбудсмендин компетенциясына кирбеген чечимдердин жыйынтыктарын күтүп, талап

кыла бериши мүмкүн. Бул милдет реактивдүү компонентти өнүктүрүүгө багытталып, төмөнкү чараларды камтып турат:

***Биринчиден,*** арыздарды кароонун жана адам укугунун жана эркиндиктеринин бузулушуна иликтөө жүргүзүү, арыз ээлерине укуктук комплекстүү юридикалык жардам көрсөтүү алгоритмин так иштеп чыгуу, жарандардын Омбудсменге кайрылуу мүмкүндүгүн кеңейтүү керек. Алсак, мыйзамдардын ченемдерине, жана улуттук жана эл аралык мыкты тажрыйбага таянуучу минималдык стандарттык аракеттердин пакети кабыл алынат. Ал бардык этаптарды, анын ичинде укуктук консультацияны, кайрылууларды кабыл алууну, каттоону, адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушу боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүүнү, укук коргоочу корутундуну даярдоону жана жыйынтыктары жөнүндө арыз ээсине сөзсүз түрдө маалымат берүүнү камтыйт.

Түздөн-түз функционалын аткаруудан сырткары, Омбудсмен Институту социалдык, психологиялык жана кайра жиберүү элементтеринин эсебинен башка жардамдын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес берүүчүлөрүн табууга көмөк көрсөтөт. Мындай кайра жиберүү мындай жардамга объективдүү муктаж болгон арыз ээлерине тийиштүү болот (3.3-милдетти кара). Конституциялык, жазык, административдик, жарандык жана сот өндүрүштүк ж.б. чөйрөсүндөгү укуктардын бузулушу жөнүндө арыздарды кароо үчүн унифицирленген, ошондой эле спецификалык жана адаптацияланган алгоритмдер даярдалынат. Жиберилген суроо-талаптар жана алынган жооптор аркылуу доолорду кароодон, ошондой эле жер-жерге чыгуудан сырткары, Аппараттын иш практикасына жарандардын укуктарынын бузулуш фактыларын ыйгарым укуктуу мамлекеттик башка органдар менен биргелешип иликтөө механизмин киргизүү керек. Ушуга байланыштуу бул органдар менен кызматташтыкты жигердештирүү, тийиштүү чөйрөдө көйгөйлөрдү талкуулоо, кызматташуу жөнүндө макулдашууларды (меморандум) түзүү үчүн үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүү керек. Бул багытта Омбудсмен Институтунун жетекчилиги менен анын өнөктөш жетекчилери белгилүү бир саясий эркти көрсөтүүлөрү зарыл. Жыйынтыгында бул иштин натыйжалуулугун жогорулат.

Жабык мекемелерди (психиатриялык стационарларды, эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларды, аскердик бөлүктөрдү) биргелешип инспектирлөө, аларда камалгандардын укуктарын бузууну болтурбоо, алдын алуу, ошондой эле жазык-аткаруу тутумунун кызматкерлеринин жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин укуктарын коргоо боюнча иш Омбудсмендин контролдоо методдорунун бири болуп калышы керек.

Ошондой эле жарандарды кабыл алуу механизми ишке киргизилет, ал укуктарын коргоо үчүн интернет-байланыш аркылуу аралыктан консультация алуу үчүн адамдарга мүмкүндүк берет.

Бул иш укук коргоо жардамын көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жана стандартташтыруусун жогорулатууга жана Омбудсмен Институтуна кайрылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө түрткү берет. Мында Омбудсмен Институтунун кызматкерлери арыздарды кароодо жана адам укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүүдө өз функционалын так түшүнө алышат, ал эми жетекчилик персоналдын натыйжалуулугун көзөмөлдөө үчүн кошумча инструменттерди алат.

***Экинчиден,*** арыздарды кароо тартибин белгилөө керек, анда бир арызга иштин бүткүл комплексин камсыз кылуучу бир кызматкер бекитилет. Бул Аппараттын жаңы уюштуруу түзүмүн кабыл алуунун, арыздарды кароо алгоритмдеринде жана функционалдык милдеттенмелерде кызматкерлердин жоопкерчилигин регламентациялоонун эсебинен жетишилет (1.5 милдетти кар.).

Бул иштен улам жоопкерчиликти бурмалоо мүмкүндүгүн азайтууга болот, жана ага жараша укук коргоо боюнча жардам көрсөтүүнүн сапаты өсөт.

***Үчүнчүдөн,*** көрүлгөн чаралар менен натыйжалар арыз ээлерин канааттандырганын көзөмөлдөө механизми киргизилет. Арыздарды кароонун жыйынтыктары боюнча арыз ээсинен аткаруучунун ишин анонимдүү түрдө баалоону, сый мамиленин деңгээлин, сапатын жана аларга жооп беришинин жыштыгын баалоону өтүнөрү күтүлүүдө. Мындай кейстер боюнча баалоо кийин персоналды жана түзүмдүк бөлүмдөрдү баалоодо пайдаланылат (1.4-милдетти кар.).

Мындай иш Институтту арыз ээсинин муктаждыктарына багытталуусун күчөтүүгө түрткү берет.

***Төртүнчүдөн****,* укук коргоо корутундусунун инструментин киргизүү пландалууда. Ал арызды кароо бөлүктөрүнүн бири болуп калат, жана адам укугунун жана мыйзамдуулуктун аныкталган бузулушунун, аларга алып келүүчү себептердин жана факторлордун, жана укуктарды калыбына келтирүү боюнча сунуштамалардын талдоосун туюндурат. Жекече кейске түздөн-түз таасир этүүдөн сырткары, укук коргоочу корутунду проактивдүү компонент жана аналитикалык багыт үчүн маалымат булагы болуп кызмат кыла алат (1.2-милдетти кара).

Укук коргоочу корутундуга багыттоочу *талаптар:*

- мыйзамдуу негизде алынган далилдерге негизделиши керек;
- Конституция менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эл аралык укуктун ченемдери менен кепилденген укуктардын бузулушуна талдоо жүргүзүүнү камтыйт;
- Адам укугунун бузулушуна талдоо жүргүзүүнү жана адам укугун бузууга түрткү берген же аны терендеткен кыйыр жагдайларды камтыйт, жана андайларга кирбеген деталдарды жокко чыгарат;
- конкреттүү билдирүү жана тутумдук көйгөлөр (тактап айтканда, арыз ээсинен же анын кызыкчылыгына арыз берилген адамдан сырткары башка адамдарга таасир эткен же таасир эте алган) менен байланышкан жыйынтыктардын жана сунуштамалардын чектөөлөрүн камтып турат.

Бул иш Омбудсмен Институтутунун кызматкерлерин конкреттүү арыздын алкагында жана жалпы эле түрдө адам укугу менен эркиндиктерин бузууга алып келген себептерди жана факторлорду табуу боюнча стандартташтырылган инструменттер менен камсыз кылат.

***Бешинчиден,*** Омбудсмен Институтунун ишинин реактивдүү багытында укуктук клиникалар, адвокатура институттары, кризистик борборлор жана укук коргоочу башка уюмдар жана өз ара түшүнүшүү жөнүндө тийиштүү меморандумдарды түзүү аркылуу элге акысыз, жок дегенде, жеңилдетилген консультативдик, психологиялык жана укуктук жардам көрсөтүү боюнча социалдык, психологиялык жардамдарды берүүчүлөр менен ишти активдештирүү керек (ошондой эле 3.3- милдетти кар.).

Бул ишмердик арыз ээлерине сапаттуу укуктук, укук коргоочулук, социалдык-психологиялык жана башка ушуга жакын жардамдарды берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

## *1.2-милдет. Аналитикалык жана мониторингдик мамилелерди жана инструменттерди өнүктүрүү*

Аналитикалык жана мониторингдик компоненттер Омбудсмен Институтунун ишинин айрым элементтеринде, өзгөчө адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо жөнүндө ар жылкы жана атайын баяндамаларды даярдоо менен байланышкан элементтерде пайдаланылат. Ошентсе да, бул компонент иштин калган аспектилеринде азырынча кенен жайылтылган эмес, бул болсо, мисалы, проактивдүү ишке байланыштуу толук кандуу проактивдүү ишти коё берүүгө тоскоолдук жаратат (1.3-миллетти кар.). Бул тийиштүү жол-жоболор жеткиликтүү иштелбегенине жана методдор жана ыкмалар жөнүндө билимдин аздыгына байланыштуу болот.

***Биринчиден,*** бардык кызматкерлерге жана түзүмдүк бөлүмдөргө аналитикалык материалдарды даярдоо боюнча функционал бекитүүү зарыл. Бул багыт адистештирилген аналитикалык түзүмдүк бөлүмдүн жана ар бир кызматкердин гана эмес, Омбудсмен Институтунун бардык эле башка түзүмдүк бөлүктөрүнө кириши керек. Ушуга байланыштуу милдеттенмелер адистештирилген аналитикалык бөлүм методикалык камсыздоого, консультацияларга, окутууга жана аналитикалык материалдарды финалдаштырууга жооп бергидей, ал эми тематикалык материалдар баштапкы аналитикалык материалдарды даярдоого жооп бергидей болуп бөлүштүрүлөт. Аналитикалык иш Омбудсмен Институтунун ар жылкы пландарында чагылдырылышы керек. Иштин бул багытында кызматкерлерге дем берүү үчүн аналитикалык продуктуларды генерирлештирүү персоналды жана түзүмдүк бөлүмдөрдү баалоо критерийлеринин бири болуп калат (1.4-милдетти кара).

Бул иш аналитикалык ишти институционалдаштырууга мүмкүндүк берет жана Омбудсмен Институтунун проактивдүү ишинин жана докладдарынын сапатын олуттуу жогорулатууга мүмкүндүк түзөт.

***Экинчиден,*** Персоналдын аналитикалык методдорду жана инструменттерди пайдалануу, ошондой эле тематикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча дарамети дайыма жогорулатылып турат.

Мамлекеттик тилге которулган аналитикалык документтерди даярдоо боюнча колдо болгон колдонмолор жакшыртылат жана анын негизинде кызматкерлерди үзгүлтүксүз окутуп турушат. Зарылдыкта аналитикалык иш көз карандысыз эксперттерди тартуу менен жүзөгө ашырылат.

Эң эле кеңири жайылтылган аналитикалык методдордун бири - өндүрүштө турган жекече кейстердин жана алар боюнча укук коргоочу корутундулардын негизинде кайталанма көйгөйлөрдү, укуктук тенденцияларды жана сунуштамаларды табуу болуп калат (1.1-милдетти кар.).

Аналитикалык иш үчүн маалымат топтоо булактарын жана методдорун иштеп чыгуу керек. Ошентсе да, аналитикалык маалыматтарды топтоо булактары менен ыкмалары ар бир конкреттүү аналитикалык материалдын жана изилдөөнүн тематикасына жараша болот, унифицирленген чечимдер ар бир конкреттүү учурда ишти жеңилдетет.

Арыздар жана алар боюнча укук коргоочу корутундулар ички булактардын бири болуп калат. Автоматташтырылган маалымат тутуму менен аккумуляцияланган, өндүрүштө турган арыздар боюнча статистикалык маалыматтар дагы аналитикалык иш үчүн пайдаланылышы керек. Андан сырткары, маалыматтар, анын ичинде маалыматтык «хабдын» алкагында өнөктөштөрдөн келип түшөт (3.3-милдетти кар.).

Бул ишмердик аналитикалык иштин жана изилдөөлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт жана корутундулар менен сунуштамалардын сапатын камсыз кылуу менен субъективизмдин болжолдуулугун төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

***Үчүнчүдөн,*** кабыл алынган жана жаңы кабыл алынган методикалык колдонмолор жана мониторингдик иш чараларды жана адам укутарын бузуу факторлорун жана адам уктарын бузууга алып келүүчү же аны тередетүүчү факторлорду табуу үчүн түрдүү тармактар боюнча адам укуктарын коргоого талдоо жүргүзүүгө фокусу менен инспекцияларды өткөрүү боюнча пландар жакшыртылат. Түздөн-түз инструменттерден сырткары, кызматташуунун, жана мониторингдик иш-чараларды жана инспекцияларды биргелешип өткөрүү үчүн жарандык коомдун адистештирилген уюмдары менен ролдорду бөлүштүрүүнүн негизги механизмдери иштелип чыгат (кийин мамлекеттик тилге сөзсүз которуу менен).

Омбудсмен Институтунун проактивдүү ишини багыттарынын бири Кыргыз Республикасы тарабынан адам укуктарын коргоо жаатындагы эл аралык өз милдеттенмелерин аткаруусуна талдоо жана мониторинг жүргүзүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын адам укугун коргоо боюнча Отчеттук баяндамаларын жана анын БУУдагы Универсалдык мезгилдүүлүк обзорун даярдоого катышуу, Альтернативдик баяндамаларды даярдоо, БУУнун атайын баяндамачылары жана

БУУнун Генералдык ассамблеясынын Адам укугу боюнча Кеңеши менен байланыштарды түзүү болуп калышы керек.

Бул иш мониторингдик иштерди жана инспекцияларды натыйжалуу жүргүзүүнү күчөтүүгө мүмкүндүк берет.

***Төртүнчүдөн***, автоматташтырылган маалымат тутумун жакшыртуу керек. Бул келип түшкөн маалыматтарды мыкты белгилеп алганга, арыздардын стаститикасын жүргүзүүгө жана корреспонденциянын жүрүшүн жана тапшырмаларды аткаруу мөөнөтүн көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет.

Ошондой эле кейстин жана арыз ээлеринин түрдүү мүнөздөмөлөрүн чагылдыруучу иштердин категорияларынын кеңейтилген классификаторун иштеп чыгуу керек, бул болсо маалыматтарды деталдуу талдоого алуу үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берет.

Автоматташтырылган маалыматтык жаңы система арыздарды кароонун жүрүшүнө, натыйжаларга жетишүүгө жана мөөнөттөргө таасир этип, анын ичинде персоналды баалоону жүргүзүү максатында мыкты контроль жүргүзүүнү камсыз кылат, ошондой эле талдоо жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

### *1.3-милдет. Проактивдүү компонентти толук кандуу ишке киргизүү*

Омбудсмен институтут өзү иштеп келе жаткан мөөнөт аралыгында өзүн жарандардан кеклип жаткан, демилгеленген арыздардын жана башка сигналдардын негизинде адам уктарын бузуунун болгон учурларына реакция берүүчү конституционалдык негизги орган катары көрсөтө алды (реактивдүү иш). Ошол эле маалда ошол убакыттарда адам укугун бузуунун жана дискриминациянын алдын алуу, адам укугун бузууга алып келүүчү себептерди жана факторлорду жоюуга көмөк көрсөтүү боюнча иш активдүү жүрүп турду (проактивдүү иш). Мыйзамдардын ченемдеринен («Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-1-статьясы, 3-статьясы) жана коомдун суроо-талабынан улам проактивдүү багыт толук кандуу ишке киргизилүүгө жана системалык түрдө жүзөгө ашырылууга муктаж, ал төмөнкү чараларды туюнтат.

***Биринчиден***, проактивдүү иш боюнча методологиялык колдонмону кабыл алуу керек. Персоналдарды тийиштүү окутуу иштери да жүргүзүлөт.

Методологиялык колдонмо артыкчылык чөйрөлөрүн, таасир этүү адресаттарын аныктайт, түрдүү формаларды, тематикаларды айырмалоону камтыйт ж.б.

Алсак, адам укугун бузуунун жана дискриминациялоонун булагы болуп чыккан коомдун жана мамлекеттин жашоо аспектилерин белгилөө *чөйрө* катары сунушталат, ал эми аларга төмөнкүлөр аркылуу таасир этүү кырдаалды жакшыртууга жөндөмдүү болот:

- мыйзамдар жана ченемдик укуктук мыйзам алдындагы актылар;

- ведомстволук жана ведомстволор аралык актылары;
- сот практикасы;
- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын практикалары менен жол-жоболору;
- кызмат адамдарынын адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоого багытталгандык;
- коомдун айрым топторунун ортосунда жайылтылган ишенимдер, ой жүгүртүү образдары жана жүрүм турум модели.

*Проактивдүү иштин формалары* каалаган өзгөртүүлөргө жетишүүгө максат коюлган иштин топтомун туюндурат, анын ичинде:

- өзгөрүүлөрдү актуалдаштыруу жана жагымдуу коомдук пикирди калыптандыруу;
- аналитикалык иш, изилдөөлөр, анын ичинде Омбудсмендин баяндамаларына жана башка басылмаларга, пресс-релиздерге мониторинг жана баалоо жүргүзүү;
- мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка тараптар үчүн, анын ичинде мыйзам чыгаруу демилгелери жана жол-жоболорго жана практикаларга сунуштамаларын кошо, директик сунуштарды иштеп чыгуу;
- стратегиялык соттук иштерге, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун конституциялыяк эмес мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды таануу жөнүндөгү иштер алкагында катышуу;
- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдар менен каалаган өзгөрүүлөрдү колдоо үчүн өнөктөштүк коалицияларды түзүү;
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары жана жарандык коомдун жана коомдук топтордун өкүлдөрү менен агартуу жана маалыматтык иш жүргүзүү;
- мамлекеттик органдар үчүн мониторинг жүргүзүү, сунуштамаларды иштеп чыгуу, мыйзамдарды жакшыртууга катышуу ж.б. аркылуу адам укуктары жана эркиндиктери боюнча эл аралык рейтингдерде жана индекстерде өлкөнүн абалын жогорулатууга, жана демократияны өнүктүрүүгө (адам эркиндигинин индекси, бакубатчылыктын жана балдардын өнүгүшү үчүн шарттардын Рейтинги, Укук үстөмдүгүнүн Индекси ((WJP Rule of Law Index®), Пресс эркиндигинин индекси, гендердик теңдиктин индекси, Дүйнөдөгү эркиндиктин абалынын Рейтинги ж.б.) көмөк көрсөтүү.

Темаларды жана каалаган өзгөртүүлөрдү аныктоо үчүн төмөнкү булактарга жетектелүү керек:

- Стратегия, өзгөчө проактивдүү иштин артыкчылыктуу тематикалык блокторy жана Министрлер кабинети жана бийликтин аткаруу органдары менен өз ара аракеттенүү бөлүгүндө (3.2-милдетти кар.);
- Адам укугунун жана эркиндигинин абалы жөнүндө баяндамаларды даярдоонун жана аналитикалык башка иштин (1.2-милдетти кара), ченемик укуктук актылардын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн алкагында

Омбудсмен Институту тарабынан жүзөгө ашырылуучу адам укугу жаатындагы кезектеги тренддерге талдоо жүргүзүү (3.1., 3.2-милдеттерди кар).

Каалаган өзгөртүүлөр, милдеттер же мындай чечимдерди кабыл алууга таасир эте алгандар жөнүндөгү чечимдерди кабыл алуу алардын ыйгарым укуктарында болгон субъектилер, ошондой эле коом жана өзүнчө коомдук топтор *таасир этүү адресаттарына* (максаттуу топтор) кирет. Негизинен, мындайларга төмөнкү субъектилер кириши мүмкүн:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы;
- Жогорку Кенеш;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку соту;
- Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
- жарандык коомдун уюмдары;
- коом жана коомдук топтор;
- өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр жана башка мамлекеттердин мамлекеттик органдары, анын ичинде адам укугу боюнча ыйгрым укуктуу органдар.

Иштелип чыккан методикалардын (мамлекеттик жана расмий тилдердеги) жана окуудан өткөн персоналдардын болгондугунан улам Омбудсмен Инеституту проактивдүү ишти системалык түрдө жүзөгө ашырып жана каалаган өзгөртүүлөргө жана милдеттерге жетип турат.

***Экинчиден,*** проактивдүү иштин алкагында тематика менен каалаган өзгөртүүлөр, милдеттер Омбудсмен Институтунун ишинин ар жылдык пландрынын алкагында ачылып турушу керек. төмөнкү тематикалык алгылыктуу блокторго көңүл буруу зарыл, бирок муну менен чектелбөө керек:

1. Балдардын жана жаштардын укуктары

   1.1. Мыйзамдарды жна практиканы 1989-жылдын 20-ноябрында кабыл алынган БУУнун генерлдык ассамблеясынын кабыл алган 44/25 резолюциясына, ага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 1994-жылдын 12-январындагы №1402-XII токтому менен кошулган Баланын укугу жөнүндө конвенцияга ылайык келтирүү.

   1.2. Социалдык укуктар, анын ичинде социалдык жөлөк пулдар маселелерин кошо

   1.3. Акысыз билим алуу укугу

   1.4. Акысыз медицинага укугу

   1.5. Жарандык документтештирүү

   1.6. Жетим балдарды жана фостердик үй-бүлөлөрдө жана үй-бүлө тибиндеги үйлөрдө жашаган балдардын укугун коргоо маселелери

   1.7. Баланын эмгегин иштетүүнүн мыйзамсыз тажрыйбасына каршы күрөшүү маселелери

**Көрүү:** 2028-жылга карата Институт балдардын жана жаштардын билим берүү, медицина, жарандык документтер, дене бойлук кол тийбестикти короо (зомбулуктан) чөйрөсүөндөгү укуктарын коргооону камсыз укыуу үчүн мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен өнөктөштүктө мыйзамдык жана практикалык демилгелерди ишке ашырууга жетишти. Балдардын укуктарын бузууну алдын алуу үчүн Институттун мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен кызматташуусунун туруктуу механизми иштеп турат, булардын бардыгы биригип келип KidsRights Indexтеги (98ден тартып (2023) 80 ге чейин) абалды жакшыртуу үчүн шарттарды түздү.

2. Аялдардын укугу жана дискриминация эмес

   2.1. Мыйзамдарды жана практиканы БУУнун Генерлдык Ассамблеясынын тарабынан кабыл алынган 1979-жылдын 18-декабрындагы 34/ 180 Резолюциясына ага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин МКсынын 1996-жылдын 6-мартындагы N 257-1 токтому менен кошулган Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрүн жоюу жөнүндө конвенцияга шайкеш келтирүү.

   2.2. Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун башка формаларынан жабыр тарткандардын укуктарын сактоо маселелери, жана ушундай түрдөгү иштер боюнча адилет иликтөөлөргө укуктар.

   2.3. Социалдык-экономикалык укуктар

   2.4. Дискриминациялоо эмес

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата Инсттитут мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен өнөктөштүктө зомбулукка туш болгон аялдардын жана кыздардын укуктарын жазык процесснин алкагында камсыз кылуу боюнча комплекстүү мыйзамдарды жана жол-жоболорду сунуштап, негиздеди жана аны кабыл алдырууга жетишти, бул болсо басмырло чараларын жана тажрыйбаларын жоюу боюнча сунуштоолор менен биргеликте генлдердик теңчилик рейтингинде Кыргыз Республикасынын абалын жакшырту үчүн шарттарды түздү. (68%дан (2021) 75%га чейин).

3. Кыргыз Рекспубликасынын чет өлкөлөрдө эмгек миграциясында жүргөн жарандардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктары

   3.1. Мыйзамдарды жана практиканы БУУнун Генерлдык Ассамблеясы тарабынан 1990-жылдын 18-декабрындагы 45/158 Резолюциясы менен кабыл алынган, ага КРдын 2003-жылдын 15-апрелиндеги №80 Мыйзамы менен кошулган Бардлык эмгекчил-мигранттардын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо жөнүндө эл аралык конвенцияга шайкеш келтирүү.

3.2. Эмгек укуктарын коргоо

3.3. Дене бойлук коопсуздукка укук

3.4. УУКМдар (улуттук укук коргоо мекемеси) ортосундагы координация

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата тийиштүү өлкөлөрдүн улуттук укук коргоо мекемелери (мындан ары – УУКМ) менен биргеликте Кыргыз Республикасынын жарандарынын көп сандуу диаспоралары бар өлкөлөрдө Кыргыз Республикасыенын жарандарынын укуктарынын бузулушуна мониторинг жана иликтөө жүргүзүү жана тиийштүү маалыматтарды алмашуу жана ошол өлкөлөрдө кыргызстандыктардын укуктарынын бузулушуна жол бербөө боюнча сунушиамаларды иштеп чыгуу механимздери бекитилген (тийиштүү УУКМдардын макулдугу боюнча)

4. Коопсуздук жана сот адилеттиги секторунда адам укугу, жана камакта жана эркиндигинен ажыратуучу жерлерде болгон жактардын укуктары.

4.1. Тинтүү жүргүзүү, сурактарды жана башка процессуалдык аракеттерди жүргүзүү маселелери («Мендестин принциптерин»[1] толук кандуу ишке ашырууга багыт алуу үчүн)

4.2. Жазык процессинин түрдүү баскычтарынын катышуучуларына жана камакта жана эркиндигинен ажыратуучу жерлерде болгон адамдарга карата укуктар жөнүндө маалыматка укуктардын корголуш маселеси

4.3. Жазык процессинин алкагында мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамга укук

4.4. Адвокаттардын укуктары жана иши

4.5. Соттордо аудио-видео-жазуулар

4.6. Соттолгондорду реинтеграциялоо жана ресоциалдаштыруунун алкагында, анын ичинде пробация алкагында адамдар укугун коргоо маселелери

4.7. Камакта жана эркиндигинен ажыратуучу жерлеринде кармоо жана ден соолукту сактоо шарттары

4.8. Түрмөгө камоо менен байланышпаган чараларга карата БУУнун эрежелеринин минималдык стандарттары [Токио эрежелери][2]

4.9. Кыйноолордон жана башка катаал, адамгерчилик сапатка туура келбеген же беделди басмырлоочу мамиледен жана жазадан эркин

4.10. Сот практикасында жана укук коргоо органдарынын пракутикасында Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчилик сапатка туура келбеген же беделди басмырлоочу мамилени жана жазаны пайдалануу маселелери

[1] Принципы эффективного допроса для проведения расследований и сбора информации, известных как «Принципы Мендеса»

[2] Принято резолюцией 45/110 Генеральной Ассамблеи от 14 декабря 1990 года

жана аларды натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча Колдонмо (стамбул протоколу)

4.11. Камакта жана эркиндигинен ажыратуучуц жерлерде кармалган адамдар үчүн туугандары менрен бобгон жолугушуулар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү

4.12. Кылмыштардын бирдиктүү реестиринин жана укук бузуулардын бирдиктүү реестринин алкагында маалыматка укуктарды сактоо

4.13. Кылмыштардан жабыр тарткандардын укугу

4.14. Сот практикасынын алкагында адам укугунун жана пробация институтунун ишинин маселелери (сот арачыларынын институтун киргизүү идеясын илгерилетүү, администртивдик сотторду жана пробация кызматтарын өнүктүрүү маселесин кошо).

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен өнөктөштүктө адам укугунун кепилдиктерин коопсуздук жана сот адилеттиги секторунда, жана камакта кармоо жана эркиндигинен ажыратуучу жерлерде чыңдоо, анын ичинде кылмыштардан жабыркагандардын укугун коргоо боюнча иш-чаралар комплекси боюнча мыйзамдык жана жол-жоболук өзгүртүүлөрдү кабыл алуу, кыйноолорду белгилөө үчүн «Стамбул протоколун» сөзсүз түрдө пайдалануу, адвокаттардын тергөө органдарынан иш жүзүндөгү көз карандысыздыгын, камакта кармоо жана эркиндигинен ажыратуучу жерлерде иш жүзүндөгөү шарттарды жакшыртуу үчүн иш-чаралар комплексин камсыз кылуу сунушталды жана алардын негизи коюлду. Анын натыйжасында тематикалык, мисалы WJP Rule of Law Index рейтингинде Кыргыз Республикасынын абалын жакшыртуу үчүн шарттарды түздү (91ден (2022) 80 ге чейин).

5. Калктын аярлуу топторунун социалдык жана экономикалык укуктары

5.1. Мыйзамдарды жана практиканы БУУнун Генерлдык Ассамблеясы тарабынан 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 A (XXI) Резолюциясы менен кабыл алынган, ага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы №1406-XII токтому менен Кыргыз Республикасы кошулган Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга шайкеш келтирүү.

5.2. Социалдык укуктар, социалдык жөлөкпулдарды кошо,

5.3. Социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк

5.4. Кыргыз Республикасына көчүп келген «кайрылман» этникалык кыргыздардын социалдык-экономикалык укуктары

5.5. Ишкерлердин укугу

5.6. Баткен облусундагы чек арага жектеш аймактардын тургундарынын абалы

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата Институт биргелешип, калктын, «кайрылмандардын» жана чек арага жакын аймактардагы тургундардын экономикалык жактан алсыз тобуна фокус менен, социалдык-экономикалык укуктарды коргоонун андан да ашык жакшыртылган тутумуна багытталган мыйзамдарга сунуштар комплексин иштеп чыгып, аларга негиздеме берип, алардын кабыл алышына жетишкен.

6. Жарандык жана саясий укуктар

6.1. Мыйзамдарды жана практиканы БУУнун Генерлдык Ассамблеясы тарабынан 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) Резолюциясы менен кабыл алынган, ага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы №1406-XII токтому менен Кыргыз Республикасы кошулган Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга шайкеш келтирүү.

6.2. Шайлоо жана шайлануу укуктарын ишке ашыруу

6.3. Саясий катышууга укук

6.4. Сөз эркиндиги, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражатына , блогерлерге жана активсттерге карата сөз эркиндиги

6.5. Тынчтык чогулуштарына укук

6.6. Кыпргыз Республикасына көчүп келишкен «кайрылман» этникалык кыргыздарга карата жарандык документтешгтирүү маселелери

6.7. Чет өлкөлүк жактардын жана Кыргыз Республикасында баш калкалдоо издеген жарандыгы жок жактардын укуктары

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата Институт мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен өнөктөштүктө мыйзамдарга саясий укуктарды, анын ичинде тынчтык чогулуштарына, жарандык жана саясий катышууга укуктарды, биригүү жана сөз эркиндигин камсыз кылуу укугун, коргоонун эң мыкты тутумуна багытталган сунуштар комплексин иштеп чыгып, негиздеме берип, алардын кабыл алынышына, жарандык документтери жок болгон жарандардын санын азайтууга жетишти, мунун бардыгы биригип келип «Дүйнөдөгү эркиндик» рейтингинде Кыргыз Республикасынын абалын жакшыртуу үчүн шарттарды түздү (эркин эмес» статусунан (2022-жылы 27) «жарым жартылай эркин» статусуна).

7. Ден соолугунун мүмкүнчүдлүгү чектелген адамдардын укуктары

7.1. Мыйзамдарды жана практиканы БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 2006-жылдын 13-декабрындагы 61/106 Резолюциясы менен кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 13-мартындагы №34

Мыйзамы менен ратификацияланган Майыптардлын укуктары жөнүндө конвенцияга шайкеш келтирүү.

7.2. Дискриминация эмес

7.3. Социалдык-экономикалык, эмгек укуктары

7.4. Бекер медицинага жана билим алууга укук

7.5. Майыптуулук статусун документтештирүү жана медициналык-социалдык экспертиза маселелери

7.6. Сот адилеттигине жеткиликтүүлүк укугу

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата Институт мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен өнөктөштүктө мыйзамдарга сунуштар комплексин жана социалдык, экономикалык, эмгек укуктарын жана ден солукка укукту, жана ден солугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн дискриминациядан коргоо механизмдерин жакшыртуу багыты боюнча практиканы иштеп чыгып, негиздеме берип, алардын кабыл алынышына жетишти.

8. Аскер кызматкерлеринин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн кадрдык аскер кызматкерлерини ичинен пенсионерлердин жана жарандык персоналдын укуктары жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана пенсионерлеринин укуктары

8.1. Мөөнөттүү аскер кызматын өтөп жатышкан адамдардын укуктары жана эркиндиктери

8.2. Социалдык укуктар жана контрактылык кызмат өтөп жаткан джактарга жана офицерлерге карата гендердик теңдик маселелери

8.3. Аскер кызмсатчыларынын арасында уставлдык эмес мамилелердин жана суициддердин жайылыш көйгөйү

8.4. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин социалдык-экономикалык, эмгек укуктары жана гендердик теңдик маселелери

9. Омбудсмендин райондордогу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана өкүлдөрүнүн мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандардын бирликтери, ишканалар, мекемелер, менчик формасына карабай уюмдар жана алардын өз аракеттерит менен адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин бузган кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын облустарында адамдын жана жарандык укуктарын жана эркиндиктерин сакташы жөнүндө, жана адамдын жана жаранджын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жөнүндө мыйзамдардагы табылган кемчиликтер жөнүндө аналитикалык баяндамасы.

**Көрүү:** 2028-жылдын аягына карата Институт мамлекеттик органдар, коммерциялык эмес жана башка уюмдар менен өнөктөштүктө мыйзамдарга сунуштар комплексин жана аскер кызматкерлеринин жана укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин социалдык-экономикалык укуктарын коргоо тутумун жакшыртууга, ошондой эле аскер кызматчыларынын арасыенда уставдык эмес мамилелерди жана суициддерди түп тамырынан жок кылууга багытталган практиканы иштеп чыгып, негиздеме берип, алардын кабыл алынышына жетишти.

***Үчүнчүдөн,*** мындай ишти Омбудсмен Институтунун персоналдарынын функционалдык милдеттенмелеринде жана персоналды жана түзүмдүк бөлүмдөрдү баалоо тутумунда жана пландарында чагылдыруу аркылуу проактивдүү ишти институционалдаштыруу керек. Тематикалык багыттарды жана каалаган өзгөрүтүлөрдү аныктоодо мээге штурм жасап, кызматкерлер менен талкуулоо зарыл.

Проактивдлүү ишти жүзөгө ашырууда кызматкерлердин ролу функционалдык милдеттемелерге бекитилет. Ушундан улам ар бир кызматкер тигил же бул деңгээлде ал өзү адистештирилген чөйрөлөрдө проактвдүү ишке тартылат.

Проактивдүү иштин контентин генерирлөө жөндөмү персоналды жана түзщүмдүк бөлүмдөрдү баалоо тутумунда эске алынат, жана баалоонун башка криетрийлери сыяктуу эле кадрдык чечимдерде эске алынат (1.4-милдетти кар.)

Омбудсмен мыйзам чыгаруу демилгесине ээ болбогонуна карабай, адамдын жана жарандын укуктарына жана эркиндиндиктерине тийиштүү мыйзам долбоорлорун жана мыйзамдык мүнөздөгү сунуштарды илгерилетүү жана лоббирлөө, ошондой эле адам укугуна тиешелүү боблгон улуттук максаттуу программаларды иштеп чыгууга катышуу боюнча ишти активдештире берет.

Ушул иштен улам Омбудсмен Институтунун проактивдүү ишинин туруктуулугун камсчыз кылууга жана өзүлөрүнүн жекече ролун түшүнгөн кызматкерлердин максималдуу алкагын тартууга болот

## *1.4 –милдет. Кадр саясатын жакшыртуу*

Иштин натыйжалуулугун, мотивацияланышын жогорулатуу жана кызматкерлердин дараметин дайыма жогорулатып туруу үчүн шарттарды өстүрүү Омбудсмен Институтун өнүктүрүүнүн маанилүү элементи болуп саналат. Институт ишгтеп турган учурда туруктуу кадр саясаты калыптанып калганын белгилеп кетүү керек, бирок мамилелердин жалпры натыйжалуулугу жана ийкемдүүлүгү үчүн олуттуу кемчиликтер менен тоскоолдуктар да бар экендиги белгилүү. Мындай кырдаал төмөнкү чараларды киргизүүнү талап кылат.

***Биринчиден,*** тутумдук көйгөйлөрдү табуу жана эмгектин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды, персоналдарды тандоо, жаңы адистерди тартуу ж.б. жол-жоболорун иштеп чыгуу үчүн Омбудсмен Институтунда кадр саясатын баалоону жүргүзүү керек.

Кадр саясатына көз карандысыз баалоо жүргүзүүнүн наыйжасында, Омбудсмен

Институтунун жетекчилиги жаралган тутумдук көйгөйлөр тууралуу маалымат алып турат жана алар эмгектин, персоналды тандоонун натыйжалуулугун жана мотивацияланышын жогорулатуу үчүн негиздүү чечимдерди кабыл алууга ж.б. даяр турушат.

***Экинчиден,*** персоналдын ишинин натыйжалуулугун баалоо тутуму киргизилет. Ал үчүн баалоону жүргүзүү тартибин, мөөнөтүн жана мезгилдүүлүгүн, жалпы критерийлердин тизмегин, критерийлер боюнча маалымат булактарын, кадрдык жана башкаруу чечимдеринде баалоонун жыйынтыктарын пайдалануу жол-жоболорун ж.б. камтыган тийиштүү колдонмону кабыл алуу зарыл. Спецификаны эсепке алуу жана критерийлерге миледттүү мүнөздөмөнү берүү үчүн алар кызматкерлерлин функциоандык милдеттенмелерине интеграцияланган болушу керек. Ошондой эле персоналды баалоонун аттестациялоо менен өз ара байланышын алдын ала иштеп чыгып коюу зарыл, мисалы, «Түздөн-түз жетекчини баалоо» бөлүгүндө (Кыргыз Республикасынынын президентининин 2022-жылдын 31-майындагы №169 Жарлыгы), ошентип субъективизмди төмөндөтүү үчүн аттестациялоонун ушул компонентинин аткарылышын инструменталдык ачып берүү.

Ар бир конкреттүү учурда төмөнкү отчеттор баалоонун продуктусу болуп калат:

- Ар бир кызматкер боюнча баяндоо отчету («Кайтарым байланыш жана өсүү точкасы»). Документ ага кесиптик жана өздүк өсүүсүнө көмөк көрсөтүү максатында бааланууучу кызматкердин түздөн-түз жетекчиси тарабынан даярдалат. Ал кызматкердин күчтүү жана алсыз жактарынын, дараметин жогорулатуу жана окуу муктаждыгын талдоосунан, тийиштүү сунуштамалардан турат. Баяндоо отчету жазуу жүзүндө берилиши жана баа берилүүчү кызматкер менен жекече талкууланышы керек.
- Ар бир кызматкер боюнча өндүрүмдүүлүк жөнүндө отчет. Отчеттун бул түрү берилген критерийлерге негизделген сандык көрсөтүчтөргө фокусталат. Ал баа берилүүчү кызматкер өзүнүн функционалдык милдеттеринин алкагында канчалык деңгээлде натыйжалуу иштегендигин жана Стратегияга жетүүдө өз салымын канча кошорун аныктоого мүмкүндүк берет. Жыйынтыктары кадрдык чечим чыгарарда, сыйлоодо жана жазалоодо эске алынат.
- Түзүмдүк бөлүмдөрдүн кесилишиндеги өндүрүмдүүлүк жөнүндө жыйынды отчет.

Кызматкерди баалоо критерийлери ээлеген позициясына жараша төмөнкүдөй топторго бөлүнүшү мүмкүн:

*Жалпы баа:*

- стратегияны ишке ашырууга салым (функционалдык милдеттерге жараша);
- проактивдүү ишти жүзөгө ашырууга салым;
- аналитикалык ишти жүзөгө ашырууга салым;
- Омбудсмен Институтунун, түзүмдүк бөлүмдүн пландарына ылайык кызматкерге бекитилген иш-чарадардын аткарылышы пайызы
- Адам укугу жаатындагы жана ага тиийштүү түздөн-түз чөйрө жаатындагы, кызмаиткердин функционалдык милдеттерине тийиштүү адистештирилген окуудан өтүү жана илимий-изилдөө ишине катышуу;
- Менторлук иш.

*Ар бир кейс боюнча баалоо (арыз ээлери менен түздөн түз иштиеген кызматкерлер үчүн):*

- арыз ээлерине сый мамиле;
- арыз ээлеринин жалпы канааттануусу;
- арыз ээсине анын өзүнүн укуктары, Омбудсмендин кайрылууларды кароонун жыйынтыгы жөнүндө мандаты тууралуу маалымат берүү жана түшүндүрүү ж.б.;
- арыздардын толуктугу жана кароо мөөнөтү (алгоритмдерге ылйык, 1.1 милдтетти кар.).

Мында жетектөөчү кызматкерлерге карата алардын уюштуруу жөндөмүн, алар өздөрү жетектеген бөлүмдүн же участоктун жыйынды натыйжалуулугун, жамаатта моралдык жагымдуу климатты кармоо жөндөмүн балоого жана кол алдындагыларын Стратегияга жетүүгө багыттоого мүмкүндүк берүүчү ж.б. кошумча критерийлер иштелип чыгышы керек.

Бул иш өзүнүн функционалдык милдеттенмелерин жүзөгө ашырууда жана Стратегияны ишке ашырууда кызматерлердин мотивдешүүсүн жана тартибин жогорулатууга мүмкүндүк берет, субъективдүү кадрдык чечимдердин болжолдуулугун тмөндөтөт жана жалпы эле Омбудсмен Институтунун уюштуруучулук натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтөт. Андан сыпткары, баяндоочу баалоо персоналдын кесиптик жана жекече өсүүсүнө түрткү берет.

***Үчүнчүдөн,*** жамаат ичинде өз ара колдоону чыңдоо жана адам укуктарынын баалуулугун жана ар түрдүүлүккө болгон сый урматты, коомдогу позитивдүү өзгөрүүлөргө багытталгандыгын өнүктүрүү катары, эмоционалдык күйүүнү жеңип чыгуу максатында корпоративдик маданиятты өнүктүрүү үчүн иш-чаралардын комплекси көрүлөт. Ал үчүн төмөнкү аракеттер жүргүзүлөт:

Жагымдуу психологиялык климатты өнүктүрүүнүн алкагында, өнүктүрү боюнча өнөктөштөрдүн жана жарандык коомдун уюмдарынын колдоосу менен адис-психолог тартылат. Ал топтук сабактарды өтөөрү, эмоционалдык күйүп жок болуунун факторлоруна жана психологимялык чыңаплуунун башка формаларына талдоо жүргүзөөрү жана Омбудсмен Институтунун жетекчилиги үчүн ушул сыяктуу көйгөйлөрдү жеңип өтүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу пландалып жатат.

Жалпы ишке жана өз ара колдоого тийиштүү экендигин сезүүнү өстүрүү үчүн шарттарды кармоо керек. Алсак, аппараттык кадимки кеңешмелер менен бирге, адам укугу менен жалпы кырдаалдын маселелери жана Омбудсмен Институтутун ишин өркүндөтүү жана Стратегияны аткаруу мүмкүнчүлүктөрү боюнча бөлмө ичиндеги талкуулоолорду өткөрүү практикасы киргизилет. Талкуунун ушул сыяктуу жүрүшүндө ар бири үчүн шарттар түзүлүшү керек, ээлеген кызмат ордуна карабай өз пикирин башкалар менен тең айта алуу зарыл. Бул максаттарда тажрыйбалуу адистер жаңы иштеп баштаган кызматкерлер үчүн - Аппарат боюнча кесиптеш катары жана тигил же бул жааттагы тышкы адистер (укук коргоочулар, көз крандысыз эксперттер, аналитиктер ж.б.) катары ментордук (насаатчылык) программаны киргизүү зарыл.

Корпоративдик маданиятты өнүктүрүүгө сыйлоо формасын, анын ичинде персоналдын ишинин натыйжалуулугун жана өзгөчө сапаттарын баалоонун жыйынтыгында кеңейтүү да түрткү берет.

Ушул иштен улам жамааттагы моралдык –психологиялык климимт жакшырат, Омбудсмен институтунун ичинде баалуу багыттар күчөтьүлөт, жалпы максаттарга жетүүгө ар бир кызматкердин багытталганы күчөтүлөт.

***Төртүнчүдөн,*** кызматкерлерди тандоо жол-жоболорун жана критерийлерин, натыйжалуу иштөөнү өбөлгөлөө методдорун жакшыртуу жана кадрлардырекрутирлөө үчүн мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү керек.

Мотивацияланган адистердин келүү мүмкүндүгүн кеңейтүү жана адам укугун бузган жана басмырлаган жагдайлар менен мурда кармалгандарды кызмат орунга тартуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу максатында кызматкерлерди тандоо критерийлери менен механизмдери иштелип чыгат. Жарандык коомдун уюмдарынын өкүлдөрүн, анын ичинде жарандык коом менен өз ара аракеттенүү платформаларынын мүчөлөрүнүн ичинен тандоо процессине активдүү тартууну дагы камсыз кылуу зарыл. Бул болсо аталган процесстердин ачык болушуна түрткү берет.

Омбудсмен институтунда иштин жагымсдуулугун жогорулатуу жана кызыкдар адамдарды ишке орноштурууда издөө мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн юристтерди жана башка кесип ээлерин даярдоодо билим берүү программаларында Омбудсмен Институтунун ишинин маселелерин чагылдыруу үчүн билим берүү мекемелери менен кызматташуу жолго коюлат. Ошондой эле Омбудсмен Институтунда студенттер жана жаш адистер үчүн такшалмалардын туруктуу программалары жолго коюлат.

Омбудсмен Институтунун штатын жогорку квалификациялуу адистер менен толуктап алуу максатында, профилдөөчү иш тажрыйбасы жана тийиштүү квалификациялык деңгээли бар бөлүгүндө талапкерлерге талаптарды жогорулатуу аркылуу кадрларды рекрутирлөө процессин жакшыртуу керек.

Омбудсмен Институтунун ишине талдоо жүргүзүү мүмкүн болгон бардык жактыруулар (мансап, кесиптик өсүү, эмгек акы, башка стимулдар) менен адистерди мотивациялоодо кенен ар түрдүүлүк бар экендигин көрсөттү. Бул болсо кызматкерлерди стимулдаштычруунун комбинирленген инструменттерин пайдалануу мүмкүнчүлүгү жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Омбудсмен институтунун кызматкерлеринин натыйжалуу ишине дем берүү максатында бөлүмдөрдүн жана өзүнчө кызматкерлердин ишин баалоо тутуму натыйжалуу иштегендиги үчүн сыйлоо жана кызмат орду боюнча жогору көтөрүлүү мүмкүнчүлүгү менен коштолушу керек.

Эмгекти төлөө саясаты жаатындагы милдет - Омбудсмен Аппаратынын кызматкерлеринин компетенттүү адистерди тартуу жана кармап туруу үчүн жетиштүү болгон эмгек акысынын деңгээлин камсыз кылууда болушу керек. Мотивациялоону жогорулатуу жана натыйжалуу ишке стимулдаштыруу максатында сыйлоо жана негизги эмнгек акыны белгилөө тутумун кайра карап чыгып, жандантуу зарыл.

Ушул иштен улам Омбудсммен Институтунда  ишке орноштуруунун жагымдуулугу өсө берет, мотивацияланган адистердит тартуу мүмкүнчүлүгү кеңейет.

## *1.5-милдет. Башкаруунунжана функционалдык милдеттердин уюштуруучулук жаңы түзүмүн кабыл алуу*

Омбудсмен институтундагы эски түзүм арыздардын айрым категорияларын кайроо бөлүгүндө натыйжалуу ишти толук кандуу колдоого жөндөмсүздүктү көрсөттү. Мисалы, зарылдыкта сот процессине мониторинг жүргүзүү же жабык менкемеде болго адамга барып жолугуу, ушул сыяктуу ыйгарым укуктар кимге таандык экендигин аныктоо көп учурларда кыйынчылыктарды жаратат. Натыйжада арыз ээсижардамдын толук өлчөмдө өз убагынд ала албай калат да, айрым милдеттерди аткаруу тоскоолдуктрга кездешет. Андан сырткары, аналитикалык жна проактивдүү ишти аткаруу, эреже катары, персоналдын жана профилдик түзүмдүк бөлүмдөрдүн иш жүзүндөгү функционалына интеграциялнган эмес (1.2, 1.3 – милдеттерди кар.).

Башка маселе адам укугу менен кырдаалдын өзгөрүшү жана алгач түзүмдө эсепке алынбган жаңы чакырыктардын жаралышы менен байланыштуу. Мындай түрдөгү өзгөрүүчү контекстке чек арадагы кагылышуулардан улам Баткен облусунун аймагынын тургундарында көйгөлөрдүн жаралышын жана чет өлукөлөрдө жүргөн эмгек мигранттарынын аярлуулугунун өсүүсүн киргизүүгө болот. Уюштуруучулук кемчиликтерди жеңип чыгуу жана Омбудсмен Институтунун ишин өзгөрүүчү жагдайларга жана чакырыктарга шайкеш келтирүү үчүн төмөнкү чараларды кабыл алуу муктаждыгы бышып жетилип калды.

***Биринчиден,*** оптималдаштырылган уюштуруу түзүмүн кабыл алуу керек. Негизинен, иштеп турган бөлүмдөр чыңдалат, Россия Федерациясында жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарынын сакталыш маселелери боюнча түзүмдүк жаңы бөлүм пайда болот. Ошондой эле жүктү оптималдуу бөлүштүрүү үчүн борбордук аппараттын түзүмдүк бөлүмдөрүндө жана регионалдык өкүлчүлүктөрдө штаттык санды кайра карап чыгуу зарыл. Омбудсмендин Борбордук Аппаратынын жана Омюбудсмендин регионалдык   өкүлчүлүктөрүнүн ортосунда өз ара байланышты чыңдоону, регионалдык өкүлчүлүктөрдүн ресурстук, материалдык жана кадр потенциалын төмөнкүдөй жол менен өнүктүрүүнү улантуу маанилүү:

- ар бир региондун спецификасынан жана социалдык-экономикалык абалынан улам, алардын штатын квалификациялуу кадрлар менен толук кандуу топтоп толуктоо;
- байланыш, көчүп жүрүү каражаттары, маалымат-эсептөө техникасы менен камсыздоо;
- Омбудсмендин Борбордук Аппаратынын маалыматтар базасына жана интернет дүйнөлүк түйүнүнө, республикалык жана эл аралык ченемдик укуктук актылардын маалыматтар базасына чыгуу мүмкүнчүлүгүн берүү;

- Аларды маалымдама материалдар, дистештирилген, илимий адабияттар жана мезгилдүү басылмалар менен камсыз кылу;
- Регионалдык өкүлчүлүктөрдүн статусун керектүү деңгээлге чейине жогорулатуу;
- жеткиликитүү каржылоо, квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүү мүмкүндүгү.

Профилдик топторду жана секторлорду, ошондой эле Омбудсмен Институтунун түзүмүндө адистештирилген ыйгарым укуктууларды түзүү мүмкүндүгү каралат. Профилдик топтор конкреттүү багыттарда адам укугун бузуунун алдын алууга мүмкүндүк берет, ошондой эле мамлекеттику, бейөкмөт жана эл аралык уюмдар менен биргеликте бир нчее профилдик долбоорлорду өнүктүрүү үчүн негиз болуп калат.

Уюштуруучулук жаңы түзүмгө байланыштуу ички пролцесстер оптималдаштырылат жана Омбудсмен аппаратынын штаттык саны бөлүштүрүлөт. Регионаолдык өкүлчүлүктөр адамдын укугунун жана эркиндиктеринин бузулушунун алдын алуу жана калыбына келтирүү боюнча ишке жөндөмдүү жана натыйжалуу борборлор болуп калышат.

***Экинчиден,*** кызматкерлердин функционалдык милдеттерин кайра карап чыгуу талап кылынат. Негизинен, аларда арыздарды кароонун алгоритмдеринин негизги аспектилери (1.1-милдетти кар.), проактивдүү жана аналитикалык иш (1.2, 1.3 –милдеттерди кар.), натыйжалуулукту баалоонун спецификалык критерийлери (1.4-милдетти кар.) чагылдырылышы керек.

Омбудсмен Институтунун Стратегиясын жана пландарынын аткарылышын стистемалык түрдө көзөмөлдөө максатында түзүмдүк бөлүмдөрдүн бирине контроль жана ички мониторинг жүргүзүү боюнча функция пайда болот.

Ошондой эле Жогоку Кеңеш менен кызматташуунун өсүүсүнүн маанилүүлүгүн эске алсак, мындай иш Аппараттын кызматкерлеринин бири тарабынн туруктуу негизде жүзөгө ашырыларын аныктоо керек. Бөлүмдөн бирөөсүнө мамлекеттик эмес субъектилер менен өз ара аракеттенүү жана маалымат «хаптын» ишин координациялоо функциясын бекитип коюу маанилүү (3.1, 3.3-милдеттерин кар.).

Бул иш функциялардагы, биринчи кезекте, арыздарды кароодо жана адам укуктарынын бузулушун иликтөөдө бирин-бири кайталоону жана карама-каршылыктарды кыскартууга мүмкүндүк берет, жана Омбудсмен институтунун жалпы натыйжалуулугуна түрткү берет.

### *1.6-милдет. Консультативдик-укуктук жардамдын сапатын, анын ичинде «Ыкчам байланыш 115» аркылуу жогорулатуу*

«Ыкчам байланыш 115» кызмат көрсөтүүсү балдардын укугун коргоо максатында 2015-жылы түзүлгөн. Бүгүнкү күнү ал Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин сактоонун башкы аспектилери боюнча юридикалык жардамды туюнтат. Кызмат көрсөтүү ар жыл сайын жарандардан 8 миңден ашык адамдан, анын ичинде өлкөнүн чегинен сырткары жашап/иштеп жүргөндөрдөн телефон чалууларды алат.

Омбудсмен Институту мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам тутумунун субъектиси болуп туруп, консультациялык укуктук жардам берет жана квалификациялуу юридикалык жардам берүүдө көмөк көрсөтөт.

Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө өтүнмөлөрдү кабыл алуу, ларды иштеп чыгуу, ыкчам кароо жана зарыл учурларда, башка ыйгарым укуктуу органдарга кайра жиберүү, ошондой эле белгиленген өтүнмөлөрдү кароонун жыйынтыгы боюнча андан аркы мониторинг жүргүзүү уюштурулат.

Консультациялык-укуктук жардам укуктук маалымат берүү же жазуу жана/же оозеки формада, анын ичинде жеткиликтүү электрондук-коммуникациялык түйүндөрдү пайдалануу аркылуу укуктук консультация берүү түрүндө көрсөтүлөт.

«Ыкчам байланыш 115» ишин жакшыртуу арыз ээлеринин аларга керектүү бөлүм же регионалдык өкүлчүлүк, же мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жадам берүү системасынын субъектилери менен жеңил кошууга мүмкүндүк берет, ошондой эле Омбудсмен Инеститутунун укуктук агартуу боюнча жана сапаттуу консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү функциясын камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

# II ГЛАВА
# Статусту бекемдөө жана мыйзамдарды жакшыртуу

Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого парламенттик контролду жүзөгө ашыруу боюнча Омбудсменге бекитилген конституциялык статустун (Кыргыз Республикасынын коснтитуциясы 109-берене) бар экенине карабай, Омбудсмен институтунун көз карандысыздыгынын кепилдиктеринде жана ыйгарым укуктарында олутту бир катар чектөөлөр бар. Негизинен, колдонуудагы мыйзам («Кыргыз республикасынынын омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндө» кыргыз Республркасынын мыйзамы) Жогорку Кеңеш баяндаманы жактырбай койгон учурда жана Омбудсмен антын бузганда Омбудсмендин ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүндүгүн карайт. Факты боюнча мындай мүмкүнчүлүктөр өлкөнүн саясий жактан калыс башкы укук коргоочусун четтетүү үчүн шылтоо болуп калышы мүмкүн. Ошол эле маалда Париж принциптерине ылайык (БУУнун генералдык Ассамблеясынын 1993-жылдын 20-декабрындагы 48/134 резолюциясына тиркеме) улуттук укук коргоо мекемелерине толук көз карандысыздык жана Омбудсмен кызмат ордунда ишөө мөнөтүнүн өзгөрбөстүгү кепилдениши керек. 2012-жылы

Улуттук укук коргоочу мекемелердин Глобалдык альянсы Омбудсмен институтуна «Б» статусун ыйгарган (Париж принциптерине толук эмес шайкеш келүү).

Башка маселе айрым мыйзамдуу ыйгарым укуктарды ишке ашыруу менен байланышкан. Алсак, Омбусмен адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо боюнча ар жылдык баяндаманын алкагында мамлекеттик органдар үчүн сунуштаманы туюнтат («Кыргыз Респубикасынын Омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзасынын 11-беренесинин 4-пункту). Бирок аларды иш жүзүндө аткаруу мамлекеттик органдардын өзүнүн кароосунда калат жана алар айрым учурларда такыр эле эсепке алынбай калат. Айрым учурларда мамлекеттик органдардын кызмат адамдары Омбудсменддин Аппарат кызматакерлерине айрым ыйгарым укуктарынын жайылышын таануудан баш тартышат, ал алардын түз функцияларды аткаруу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

**Көрүү**: 2025-жылдын аягына Омбудсмен Институту Париж принциптерине толугу менен шайкеш келет жана «А» статусунда аккредитациядан өткөн. Омбудсмен иш жүзүндө ишке ашырылуучу ыйгарым укуктардын, анын ичинде уюмдарга, мекемелерге жана адамдарга кечиктирилбей кирүүгө укуктун максималдуу кеңейтилген спектрине ээ; мындай ыйгарым укук кызматкерлердин функционалдык милдеттенмелеринин алкагында жайылтылат. Омбудсмендин сунуштамалары мамлекеттик органдардын деталдуулугунда эсепке алынат.

Бул багыт төмөнкү милдеттерди туюнтат: (2.1) мыйзамдарды жакшыртуу жана «А» статусун алуу; (2.2) Омбудсмендин сунуштамаларынын аткарылышы үчүн шарттарды түзүү.

## *2.1-милдет.* Мыйзамдарды жакшыртуу жана «А» статусун алуу

Конституциянын 109-110-беренесине шайкеш келтирүү үчүн, эски мыйзамдын ордуна «Кыргыз Республикасынын акыйкатчысы (Омбудсмен) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык принципиалдуу жаңы Мыйзамын кабыл алуу муктаждыгы бышып жетилди. Конституциялык жаңы мыйзам 2012-жылдагы «Париж принциптерине»[3] жана «Белград принциптерине»[4] шайкеш келиши керек, бул парламент менен өз ара аракеттенүү механизми жана жарандык коом менен активдүү кызматташуу болгондо, Омбудсмен институтунун көз карандысыздыгын камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

---

[3] Принципы, касающиеся статуса национальных учреждений, занимающихся поощрением и защитой прав человека [Парижские принципы]. Приложение к резолюции 48/134 Генеральной Ассамблеи от 20 декабря 1993 года

[4] Белградские принципы взаимодействия национальных правозащитных учреждений и парламентов, 22-23 февраля 2012 года, см.: https://www.forum-asia.org/uploads/wp/2017/01/Belgrade-Principles-Final.pdf

30.07.2023-жылы Жогорку Кеңештин сайтында (демилгечилер: Жогорку Кеңештин депутаттары Б.Сыдыков, Э.Сатыбалдиев, У.Ормонов, А.Түмөнбаев, М.Маматалиев, Н.Кадырбеков) «Кыргыз Республикасыныны Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору коомдук талкууга чыгарылган»[5]. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы жөнүндө конституциялык мыйзамы кабыл алынышы менен барды ички локалдык актылар жана алардын жаңы мыйзамга шайкештиги үчүн жол-жоболор кайра каралып чыгышы керек. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жна башка уюмдар менен ар жылдык баяндаманын жана атайын баяндамалардын, аракеттенүү актыларынын, иликтөө жыйынтыктарынын, инспекциялардын жана укук коргоочу корутундулардын сунуштамалары боюнча кайтарым байланышты жүзөгө ашыруу боюнча жаңы мехнизмдер иштелип чыгышы зарыл.

Бул ишти аткаруу Акыйкатчы жөнүндөгү мыйзамды адам куугун коргоо жана улуттук укук коргоочу уюмдардын иштеши боюнча эл аралык стандарттарга жана милдеттенмелерге шайкеш келтирүүгө мүмкүндүк берет, жана Омбудсмен Инеститутун «А» статусу улуттук укук коргоочу мекемесинин Ири альянсында Омбудсмен Институтун аккредитациялоо үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

## *2.2-милдет. Сунуштамалардын аткарылышы үчүн шарттарды түзүү*

Мыйзамдар менен иштөөдөн сырткары, Омбудсмендин бардык сунуштамалары менен жыйынтыктары кошумча чаралардын эсебинен күчөтүлөт:

- алардын конкретикасын, толуктугун, даректүүлүгүн жана коштоочу формулировкаларды (эгер кеп ченемдик укуктук актыларга сунуштар жөнүндө болуп жатса) камсыз кылуу үчүн сунуштамаларды даярдоонун стандарттарын иштеп чыгуу;
- секторлор жана уюмдар кесилишинде сунуштамаларды аткаруу боюнча мониторинг жүргүзүү, статистиканы баалоо жана жүргүзүү механимздерин киргизүү;
- сунуштамалардын, ар жылдык баяндамадагы жана Жогорку Кеңештин токтомду кабыл алышы менен коштолгон атайын баяндамалардагы маалыматтардын аткарылышы жөнүндө маалыматтарды берүү үчүн Жогорку Кеңеш жана анын комитеттери менен кызматташуу практикасын кеңейтүү (3.1-милдетти кар.);
- мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыныын жана башка уюмдардын сунуштамаларды аткарышынын жыйынтыктары жөнүндө коомго жана кызмат адамдарына маалымат берүү.

Ушул иштен улам Омбудсмендин иштелип чыгуучу сунуштамаларынын сапаты жана аларды аткаруу пайызы жогорулатылат.

5 http://kenesh.kg/ru/article/show/10906/na-obshtestvennoe-obsuzhdenie-s-30-iyunya-2023-goda-vinositsya-proekt-konstitutsionnogo-zakona-kirgizskoy-respubliki-ob-akiykatchi-ombudsmene-kirgizskoy-respubliki

# III ГЛАВА
# Жогорку Кеңеш, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъектилер менен өз ара аракеттенүү, эл аралык кызматташтык

Өзүнүн бийик статусунан улам Омбудсмен Институту ар кандай субъектилер менен мамлекеттик да, жана мамлекеттик эмес да деңгээлдерде жигердүү иштешет. Мында ушул сыяктуу коммуникациялар арыздарды кароонун, ар жылдык жана атайын баяндамаларды даярдоо, жана адам укугу жаатындагы  айрым өзгөрүүлөрдү илгерилетүү алкагында гана жүрөт.

Ошол эле маалда Омбудсмен институту үчүн маанилүү болгон Жогорку Кеңеш сыяктуу субъект менен, ар жылдык баяндамаларды кароо жол-жоболорунан сырткары, туруктуу диалог орнотууга болбоду. Мыйзамдарды жакшыртууга көмөк көрсөтүү боюнча багыттоо практикалык ишке ашырууну толук кандуу ала алган жок («Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчы) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-1-беренеси).

Ошондой эле Омбудсмендин үнү кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ры – Министрлер Кабинети) жана аткаруу бийлигинин өзүнчө органдарынын күн тартибинин кезектеги маселелерин кароодо жетиштүү байкалбайт. Өзүнчө мамлекеттик кызмат адамдары тарабынан Омбудсмендин максаттарын жана милдеттерин түшүнбөй калуу көп жолу байкалды, ал жабык атмосфера менен кызматташтыкты каалабагандыгын туюндурат.  Буга мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын ортосундагы адам укугунун концепциясын түшүнүүнүн жалпы жетишсиз деңгээли топтолот.

Жарандык коом менен кызматташууга салттуу түрдө көңүл бурулат, бирок өз ара аракеттенүү азыркы учурга чейин ситутативдик болчу. Өкмөттүк эмес сектордун өкүлдөрүн тартуу жана алардын адам укугу маселелери боюнча жана Омбудсмен институтунуну иши боюнча пикирлерин жана позицияларын эске алуу үчүн туруктуу иштеген аянтча менен жол-жоболорду азырынча түзүүгө болбоду.

**Көрүү**: 2028-жылдын аягына карата Жогорку Кеңеш жана башка мамлекеттик органлар менен өз арра аракеттенүүнүн дайыма иштеп туруучу, ар жылкы жана атайын баяндамалардын угулушун күтпөстөн, актуалдуу маселелерди жана адам укугу жаатындагы сунуштамаларды жогорку деңгээлде айтууга мүмкүндүк берүүчү механизмдери белгиленген. Мамлекеттик органдардвын ишинде адам укугун джана эркиндигин сактоо маселелери актуалдыштырылган. Омбудсмен институту жана жарандык коом уюмдары проактивдүү иштерди бири бирине айтуу менен жүзөгө ашырышат.

Бул багыт төмөнкү миледттерди туюндурат: (3.1) Жогорку Кеңеш менен системалык түрдө кызматташууну колдоодо жаңы мамилелерди киргизүү; (3.2) Министирлер Кабинети, аткаруу бийлик органдары жанан укук коргоо органдары менен өз ара

аракеттенүүнү чыңдоо жана адам укугу боюнча кызмат адамдарынын дараметин жогорулатуу. (3.3) жарандык коомдун уюмдары, өнүктүү боюнча эл аралык өнөктөштөр, билим берүү мекемелери академиялык жана эксперттик чөйрө менен өз ара аркеттенүү форматтарын кеңейтүү ; (3.4) секторлор аралык кызматташтыкты жөнгө салуу.

***3.1 милдет. Жогорку Кеңеш менен системалык түрдө кызматташууну колдоого жаңы мамилделерди киргизүү.***

Омбудсмендин табияты парламент менен интенсивдүү жана туруктуу кызматташууну колдоо зарылдыгын шарттайт. Жогорку Кеңеш, анын комитеттери, фракциялар жанан депутаттар менен толук кандуу диалогду орнотуудан Омбудсмен Институтунун курч маселерди көтөрүү жана тигил же бул өзгөртүүлөрдү, анын ичинде мыйзамдуу деңгээлде илгерилетүү мүмкүнчүлүгү көз каранды болот. Мында Омбудсмен Институтунун саясий таасирден көз карандысыздыгын кепилдөө маанилүү. Төмөнкү чаралар мындай түрдөгү кызматташууну чыңдоо үчүн багытталган.

Биринчиден, мыйзамдарды жакшыртуунун, мыйзамдардын аткарылышын баалоонун жана Омбудсмендин парламентте жактырылган сунуштамаларын көзөмөлдөөнүн алкагында парламент жана баардык комитеттер менен өз ара аракеттенүү күчөтүлөт.

Жогорку Кеңешке «Белград принциптерине» ылайык түрдүү комитеттер менен туруктуу иштөөнүн модели сунушталат. Бул тигил же бул комитеттин компетенциясына кирген адам укугунун жана эркиндигинин спецификалык аспектилеринин алкагында сунуштамаларды талкуулоону жана демилгеленүүнү камтып турат.

Ошондой эле омбудсмен институтунун ишине адам укугунун жана эркиндигинин жана коомдук кызыкчылыктардын көз карашынан жогорку мааниге ээ болгон мыйзам долбоорлору боюнча укук коргоочу экспертизаларды жүргүзүү практикасы киргизилет. Мыйзам чыгаруу ишинин пландарын, мыйзам долбоорлорунун тексттерин, жана мындай түрдөгү мыйзам долбоорлорун парламенттик аянтчада (биринчи кезекте комитеттерде) талкуулдоого катышууну Омбудсмен Институтуна жиберүү жол-жоболорун Жогорку Кеңеш менен макулдашуу керек.

Омбудсменд Институту ар жылкы жана атайын баяндамалардын жана башка ал боюнча Жогорку Кеңештин жана анын комиттетеринин токтомдору жана башка чечимдери кабыл алынган сунуштарынын алкагында сунуштамалардын аткарылышын көзөмөлдөйт. Алардын аткарылышы боюнча маалыматтар парламентке жиберилип турат, жана анын негизинде сунуштарды толуу жана өз учурундагы имплементацияга багытталган парламенттин кошумча чечимдерин кабыл алуу демилгеленет.

Анын түшүнүктүүлүгүнө жана чечимдерди кабыл алууга түз таасирине жетишүү үчүн, Омбудсменд Институтунун сунуштамаларынын өзүн даярдоонун стандарттары жакшыртылышы керек. (2.2.милдетти кара).

Парламенттик баалоону жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү бөлүгүндө Омбудсменд Институту Жогорку Кеңешке андамал мыйзамдардын алар күчүнөн киргенден кийин бир жылдан кем эмес мөөнөт өткөндө адамдын укугуна жана эркиндигине таасир

этүүсүн биргелешип көзөмөлдөө практикасын сунуштайт. Бул иш методологиялык жактан Жогорку Кеңештин парламенттик контролдоо функциясын ишке ашыруу алкагында баалоо инструменттерин пайдалануу концепциясына таянышы мүмкүн (Жогорку Кеңештин 2019-жылдын 20-ноябрындагы №3362-4 токтому). Баалоонун жыйынтыктары менен сунуштамалары профилдик комитеттерге берилет, зарылдыкта институттун проактивдүү ишине киргизилет (1.3 милдетти кара).

Ушул иштин негизинде адам укугу менен эркиндиги парламенттин жана ар бир комитеттин мыйзам чыгаруу жапна баалоо ишинде артыкчылыктуу иштеринин бири болуп калат.

***Экинчиден,*** Омбудсменд Институту ар жылкы жана атайын баяндамалардан сырткары зарылдыкка жараша депутттарга маалыматтык-аналитикалык документ берип турат.

Анын жардамы менен парламентарийлер адам укугу жана эркиндиктери боюнча, резонанстуу кейстер жана иштеги кезектеги көрсөткүчтөр боюнча кезектеги тенденциялар жөнүндө мааалыматтарды алып турушат.

Жогорку Кеңештин депутаты адам укугу жана эркиндиктери жаатындагы кезектеги тенденциялар жана Омбудсмен Институтунун ишинин көрсөткүчтөрү жөнүндө маалымат алып турушат.

Бул иштин Натыйжасында Жогорку Кеңештин жана Омбудсмент Интитутунун ортосундагы ишеним арткан кызматташуу адам укугу жана эркиндиги жаатындагы системалак көйгөйдүү ыкчам табуу жана чечүү фокусу менен чыңдалат.

## *3.2 милдет. Министирлер кабинети, аткаруу бийлик органдары жана укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүүнү чыңдоо, бул түзүмдөрдүн кызмат адамдарынын адам укуктары боюнча дараметин жогорулатуу*

Омбудсмендин мамлекеттик саясий системасындагы абалы, жарандардын укуктарын эркиндиктерин коргоо боюнча анын иши алды менен мамлекеттик институттар менен болгон өз ара аракетин өнүктүрүүнү аныктайт. Ошого байланыштуу Президенттин Администрациясы, Жогоку Кеңеш жана Министрлер Кабинети, Кыргыз Республикасынынын сот системасы өз ара байланыштар системасын курууда негизги өнөктөштөр болуп саналат. Омбудсменд Институтунун регионалдык өкүлчүлөктөрүнүн жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелерин өнүктүрүү дагы Омбудсменд Институтунун ишинин артыкчылыктуу багыты болуп саналат.

Мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарынын отчетторун изилдөө, альтернативдик отчетту даярдоо жана жарандардын укуктарын регионалдык деңгээлде сактоо менен кырдаалды баалоо боюнча иш ишке киргизилет.

Жалпысынан Омбудсмен Инеституту өз ишин башка мамлекеттик органдарга натыйжалуулукту жогорулатуу моделин тапшыруу менен, стратегиялык түрдө түзүшү керек. Себеби өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдү эске алуу менен, Аппаратты өнүктүрүү принциптерин жана багыттарын аныктоочу жаңы документти иштеп чыгуу зарылдыгы бышып жетилди.

Мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнүн негизги формасы Омбудсмен Институтунда өндүрүштө турган арыздар боюнча коммуникацияны кармоодо турат. Мындай иш башка жаралган иштер сыяктуу эле сөзсүз улантылат. Ошол эле маалда Омбудсмен Институтутунун проактивдүү ишине түрткү берүүчү кызматташуу жана диалог механизмин өстүрүү зарыл (1.3-милдетти кара), ал төмөнкү чараларды камтыйт:

Биринчиден, тамырланган мамиллерден сырткары, Омбудсмен институту көйгөйлүү маселелерди көтөрөт жана адам укугу чөйрөсүндөгү чечимдерди илгерилетет. Ал үчүн Министрлер кабинети менен биргеликте, жарадык секторду тартуу менен, Кыргыз Республикасынын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоону өнүктүрүү чөйрөсүндөгү Концепциянын долбоорун Президенттин Жарлыгы менен бекитүү сунушу менен, иштеп чыгуу жүзөгө ашырылат.

Ошондой эле Министрлер Кабинетинин ченемдитк укуктук актыларынын жана адам укугунун жана эркиндигинин жана коомдук кызыкчылыктардын көз карашынан жогорку мааниге ээ болгон ведомстволук актылардын тандамал долбоорлоруна укук коргоочу баалоону жүзөгө ашырат. Министрлер кабинетинин жан ведомстволордун ченем жаратуу ишинин пландарын Институтка убагында жиберүү зарылдыгы жөнүндө Министрлер Кабинети менен өз ара түшүнүшүүгө жетишүү зарыл.

Ошондой эле алар адам укугун жана эркиндигин түздөн-түз козгогон учурда, Омбудсмен Институту программалык жана стратегиялык документтерди ишке ашыруунун натыйжалуулугу жана толуктугу боюнча баалоочу иш-чараларды жүргүзөт. Баалоонун натыйжалары Министрлер Кабинети жана аткаруу бийлигинин тийиштүү органдары менен талкууланат.

Були иш-чаралар комплексинин натыйжасында Омбудсмен Институтунда Министрлер Кабинети, мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары жана укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенүү аркылуу проактивдүү иштин алкагында демилгелерди илгерилетүү мүмкүнчүлүгү кеңейет.

***Экинчиден,*** Омбудсмен Институту Министрлер Кабинетинин, мамлекеттик органдардын жана укук коргоо органдарынын ишинде адам укугунун маселелерин актуалдаштыруу боюнча чараларды жүзөгө ашырат.

Ал үчүн Министрлер Кабинети менен кызматташууда өндүрүштөн ажыратпастан окутуу жана Омбудсмен Институтуна алардын кызматкерлери жөнүндө көбүрөөк даттануулар түшүп жаткан мамлекеттик органдардын өздүк курамы үчүн адам укуктары жана эркиндиктери маселелери боюнча билим деңгээлин текшерүү программалары иштелип чыгат. Укук коргоо органдарынын кызматкерлерине өзгчө көңүл бурулат. Мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлерди жана укук коргоо органдарынына кызматкерлерин милдеттүү аттестациядан өткөрүүгө адам укугунун маселелерин интеграциялоо - мүмкүн болуучу механизмдердин бири болушу мүмкүн.

Буларга кошумча катары Омбудсмен Институту кодонуудагы мамилелерди жана жаңы «Адам укугун жана эркиндигин сактоо индекси» пайда болгондугунун эсебинен аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, ички иштер органдарынын, жергиликтүү өз лдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ишти баалоосунун көрсөткүчтөрүн кеңейтүүнү сунуштайт. Институт бул индексти киргизүү методологиясынын долбоорун сунуштайт. Мында бул көрсөткүчтөр үчүн маалыматтын булагы болуп Иститутттун өзүнүн жана башка укук коргоо уюмдарынын жана мекемелердин маалыматтары кызмат кылышы мүмкүн.

Бул иштин натыйжасында аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, өзгөчө укук коргоо органдарынын кызмат адамдарынын адам укуктарын сактоо маселелери боюнча дараметин жогорулатууга мүмкүн болот. Жаңы «Адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоо индексин» илгерилетүү сыяктуу чаралар бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын адам укугуна жоопкерчилигин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

### *3.3-милдет. Жарандык коомдун уюмдары, өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес билим берүү мекемелери, акадлемиялык жана эксперттик чөйрөлөр менен өз ара аракеттенүү форматтарын, ошондой эле эл аралык кызматташуу форматтарын кеңейтүү*

Институт жарандык коомдун уюмдары, ошондой эле өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр менен, биринчи кезекте укук коргоо багытында өз ара жигердүү иштешип турат. Айрым аракеттер ишке ашырылууда, анын ичинде биргелешкен аналитикалык иштер, Аппараттын кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу боюнча иш-чаралар, тегерк стөлдөр, жана семинарлар ж.б. өткөрүлүүдө. Ага удаалаш эле Институт башка өлкөлөрдүн, анын ичинде Орто Азиянын улуттук укук коргоочу мекемелери менен кызматташууну чыңдоого аракеттенип турат. Мынай кызматашууну улантуу менен бир нече кошумча чаралар аркылуу системалык түрдө өз ара аракеттенүү жолго коюулат.

***Биринчиден,*** Институттун жарандык коомдун уюмдары (укук коргоо багытындагы уюмдар менен) жана өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр менен туруктуу өз ара иштеши колдоодо болот. Аларга ар жылдык негизде өз пландарын Институттун пландары менен, биринчи кезекте Стратегияны аткаруу алкагында кабыл алынуучу пландары менен интеграциялоо сунушталат.

Биргелешкен ишти ишке ашырууда туруктуу коммуникацияны кармап туруу, биргелешкен иштин жүрүшүн жана натыйжаларын көзөмөлдөө, мисалы, өз ара аракеттенүү жана жарандык коом менен кызматташуу платформалары аркылуу көзөмөлдөп туруу зарыл.

Омбудсмен Институтунун мамлекеттик эмес субъектилер менен өнөктөшүүсүнүн натыйжасында жыйынды маалыматты дайыма алмашып туруу системалык түрдө ишке ашырылат.

***Экинчиден,*** Омбудсменде жарандык коомдун укук короо уюмдары менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу платформасы түзүлөт. Мындай платформалар жарандык коомдун уюмдары менен адам укугунун жалпы маселелери боюнча үзгүлтүксүз кызматашууну кармап турууга, сунуштамаларды биргелешип иштеп чыгууга, Стратегиянын аткарылышынын натыйжалуулугун көзөмөлдөөгө, мониторинг жүргүзүүгө жана коммерциялык эмес сектордун Омбудсмендин баяндамаларынын долбоорлорун жана башка аналитикалык документтерди даярдоого катышуусун камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Мындай диалогдук механизмдер ага Кыргыз Республикасы кошулган эл аралык конвенцияларга ылайык адамдын укуктарынын жана эркиндиктеринин айрым тармактары боюнча түзүлүшү мүмкүн. Аянтчалар тиийштүү маселелерге адистешкен жарандык коомчулуктун уюмдарынын, илимий жана билим берүү мекемелеринин өкүлдөрүнөн, көз карандысыз эксперттерден турат.

Були иш-чарадан улам Институт өз ишинде биринчи кезекте проактивдүү багытын алкагында жарандык коомдун, академиялык жана окуу чөйрөсүнүн дараметин пайдаланат.

***Үчүнчүдөн,*** аналитикалык, изилдөө жана мониторинг жүргүзүү жана жарандык коомдун уюмдары, академиялык жана эксперттик чөйрө менен укук коргоолук агартуу ишинин алкагында өнөктөштүк кеңейтилет.

Негизинен, Омбудсмен Институту бирдиктүү маалымат «хабын» - сот өндүрүшүнүн, түрдүү темалардын, региондордун жана жабырлануучулардын социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрүнүн кесилишинде адам укуктарын жана эркиндиктерин бузуу фактылары боюнча маалыматтар базасын түзүү боюнча кызматташтыкты орнотот (маалымат ар түрдүү булактардан чыгат). Бул максаттар үчүн маалыматтарды топтоонун жана классификациялоонун унифицирленген методологиясы жана Бирдиктүү реестр иштелип чыгат. «Хабдын» алкагында топтолгон маалыматтар Институтттун аналитикалык ишинде, ошондой эле «Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо индексин» киргизүүдө пайдаланылышы мүмкүн (3.2-милдетти кар.).

Андан сырткары, Омбудсмен Институту адам укугун жана эркиндигинин актуалдуу маселелерин жана Омбудсмен институтунун ишин илимий иштердин тематикаларында жана окутуунун программаларында чагылдыруу үчүн академиялык жана билим берүү мекемелер менен, анын ичинде мамлекеттик органдар жана укук коргоо тутуму үчүн кадрларды даярдоо менен алектенген мекемелер менен консультацияларды өткөрөт. Өз кезегинде Омбудсмен Институту бул жааттагы академиялык жана изилдөө иштеринин авторлоруна жана билим берүү мекемелеринде билим берүү программаларын иштеп жатканда методологиялык жардам көрсөтөт.

Мамлекетик жана мамлекеттик эмес билим берүү уюмдары жана жарандык коомдун уюмдары менен кызматташуунун алкагында адам укугу боюнча окутуу программалары баштапкы, орто, орто-кесиптик жана жогорку билим берүү мекемелеринде иштелип чыгып, ишке киргизилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын катышуусу менен ар жылдык негизде укук коргоо боюнча көчмө агартуу иш-чаралары өткөрүлөт жана «Укук караваны» аталышындагы косультациялар жүргүзүлөт.

Билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, билим берүү мекемелери жана жарандык коомдун уюмдары менен иштеп чыгуу үчүн негизги багыт болуп «Адам укугу» курсун орто, орто-кесиптик, жогорку окуу жайларынын Мамлекеттик билим берүү стандартына киргизүү маселеси болот.

Бул иш академиялык, билим берүү жана изилдөө чөйрөлөрүнүн адам укугу жана эркиндиги жана Омбудсмен Институтунун иши маселелериндеги кызыгууларын жогорулатууга мүмкүндүк берет жана адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы окутуу программаларын жакшыртууга түрткү берет. Кыргыз Респубьликасында ушундлай тематикага адситешкен адамдардын академиялык чөйрөсү пайда болот.

***Төртүнчүдөн,*** эл аралык кызматташуу жигердешет. Улуттук укук коргоо мекемелери жана башка өлкөлөрдөн бейөкмөт укук коргоочулар менен байланыштарды, анын ичинде дайыма иштеп туруучу платформаларды жана адам укугун коргоо чөйрөсүндөгү тажрыйба жана билимдерди алмашуу үчүн шарттарды түзүү багыты боюнча байланыштарды чыңдоо негизги багыттардын бири болуп калат. Мындай иштин элементтеринин бири болуп Омбудсмен инесститутунун окуу борборунун базасындагы мекеме («Укук коргоо билимдеринин жана мыкты тажрыйбалардын Борбордук Азиялык хабы» - жумушчу аталышы) саналат. Анын жардамы менен улуттук укук коргоо мекемеси жана Борбордук Азиянын бейөкмөт укук коргоочулары өзүлөрүнүн кесиптик билимдерин кеңейте алышат.

Чет мамлекеттердеги Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарынын жана эркиндиктеринин жана жана Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн чет өлкөлүктөрдүн укуктарынын корголушун күчөтүү максатында Омбудсмен Институтунун жана Борбордук Азия менен Россия Федерациясынын улуттук укук коргоо мекемелеринин ортосунда адам укугунун бузулушу боюнча биргелешкен иликтөөлөрдү жүргүзүү механизмдери киргизилет.

Эл аралык кызматташуунун дагы бир багыты болуп Кыргыз Республикасынын адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык келоишимдерде көрсөтүлгөн стандарттарды аткаруусу боюнча альтернативдик баяндамаларды зарылдыкка жараша берүү, ошондой эле БУУнун атайын баяндамачылары жана БУУнун келишимдик органдары менен байланыштарды кармап туруу саналат.

Бул иш улуттук укук коргоо мекемелери жана Борбордук азиядагы бейөкмөт укук коргоочуларжана башка өлкөлөр менен эл аралык кызматташтыкты, билимдерди алмашууну жана адам укугу чөйрөсүндө тажрыйба алмашууну институциалдаштырууга мүмкүндүк берет.

### *3.4-милдет. Сектор аралык кызматташтыкты жөнгө салуу*

Адам укугу жана эркиндиги маселеси мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъектилердин катышуусунда ачык айтуу менен гана чечилгендиктен, Омбудсмен Институту секторлор аралык өнөктөштүктү, анын ичинде төмөнкү чаралардын жардамы менен өнүктүрүүгө түрткү берет.

***Биринчиден,*** арыз ээлерине Омбудсмендин мандаты менен түздөн-түз байланышпаган, бирок жабыр тарткандардын артыкчылыктуу керектөөлөрүнүн көз карашынан маанилүү болгон чөйрөлөр боюнча жардам көрсөтүүдө туюнтулган кайра жиберүү тутуму түзүлөт.

Мисалга алсак, гендердик зомбулукта жабыркаган аял Омбудсмен Институту тарабынан анын арызы каралгандан башка, кризистик борборго, психологиялык, социалдык жана укуктук жардам көрсөтүүчү уюмга ж.б. жиберилиши мүмкүн. Омбудсмен Институту көрсөтүлгөн жардамды белгилеп калуу үчүн, өнөктөштөр, анын ичинде жарандык коомдун уюмдары жана мамлекеттик органдар менен кайра жиберүү жана кайтарым байланыш механизмдерин бекитүү керек. Ошентип, өнөктөштөргө кайра жиберүү системасы арыздарды кароонун комплекстүү моделине шайкеш келет (1.1.-милдетти кар.).

Бул иштин натыйжасында арыз ээлери зарылдыкта комплекстүү жардам алышат.

***Экинчиден,*** ведомстволор аралык жана секторлор аралык жумушчу топторду тнүзүүнү демилелөө тажрыйбасын киргизүү керек. Алар аркылуу адам укугу менен жагдайды көзөмөлдөө, өз ара аракеттенүүнүн кадимки формалары жетишсиз болгон учурда биргелешкен чечимдерди иштеп чыгуу жана Омбудсмен Институтунун өндөрүшүндө болгон арыздардын алкагында аракетттенүү боюнча кызматашуу кармалып турат. Мындай түрдөгү түзүмдөр Омбудсмендин жана негизги мамлекеттик органдардын биргелешкен буйруктарынын негизинде, же Омбудсмен тарабынан өз алдынча түзүлүшү мүмкүн.

Ведомстволор аралык жана секторлор аралык жумушчу топтордун курамына компетенцияларына тийиштүү маселелер кирген мамлекеттик органдардын жана мекемелердин, ошондой эле жарандык коомдун профилдик уюмдарынын өкүлдөрүн киргизүүнү камсыз кылуу зарыл. Мында мыйзамдар менен белгиленген чектөөлөрдү

эске алуу менен,  рокуратура органдарынын катышуусунун укуктук негиздерин иштеп чыгуу зарыл.

Бул иштин натыйжасынд асекторлор аралык жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн жана чечимдерди биргелешип издөөнүн туруктуу каналдары түзүлөт.

***Үчүнчүдөн,*** 10-декабрь Адам укугу күнүнө арналган «Кыргыз Республикасында адам укуктары боюнча улуттук диалогду» ар жыл сайын өткөрүү механизми киргизилет. Бул иш-чара аркылуу негизги мамлекеттик органдар, жарандык коомдун уюмдары жана өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр түрдүү тармактардагы адам укугу менен жагдайды талкуулай алышат жана макулдашылган позицияларды иштеп чыгышат. Мындан башка маселелерден сыткары Ар жылкы жана атайын баяндамаларда берилген Омбудсмендин сунуштамаларын мамлекеттик органдар жана башка түзүмдөр аткарышынын алдын ала жыйынтыктары жана «Адам укугун коргоо индексинин» жыйынтыктары угулат (3.2-милдетти кара).

Бул иштин натыйжасында Кыргыз Республикасында адам укугун жана эркиндигин сактоону жакшыртууга багытталган, жана бул чөйрөдө консенсустук позицияны иштеп чыгууга мүмкүнүк берүүчү диалогду кармоонун туруктуу механизми иштеп турат.

# IV ГЛАВА . КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР

### *4.1 Өзгөртүүлөрдү башкаруу*

Стратегияны ишке ашыруу каралган өзгөртүүлөрдү ишке киргизүүнүн толуктугун, натыйжалуулугун жана өз убагындагысын кармоо үчүн атайын чараларды талап кылат.

Өзгөртүүлөрдү бшкаруунун негизхги элементтеринин бири болуп төмөнкү эки деңгээлди камтуучу пландоо тутуму саналат:

1) Стратегия колдонууда болгон бардык мөөнөткө стратегиялык планды кабыл алуу;
2) Омбудсмен Институтунун мыйзамдардын ченемдеринен жана ички жол-жоболордон келип чыгуучу жана аракеттердин стратегиялык планынын пунктуларын так ачып берүүчү милдеттерин чагылдыручу ар жылкы пландарын кабыл алуу.

Пландар иш-чараларды, мөөнөттөрдү, жооптуу тараптарды, күтүлүүчү натыйжаларды жана натыйжаларга жетүү индикаторлорду камтып турушу керек.

Омбудсмен институтунун ишинин ар жылдык пландары Стратегиянын ишке ашырылышын чагылдыруу менен Жогорку Кеңештин кароосуна республикалык бюджеттен каржылоо бөлүүдө эсепке алуу үчүн алдын ала жиберилет, ал «Белград принциптерине» шайкеш келет («Бюджеттик программа»).

Омбудсмен локалдык актыларды кезектеги мыйзамдарга жана ушул Стратегияга шайкеш келтирүү үчүн аларга ревизия жүргүзөт.

Омбудсмен институтунун стратегиялык бардык документтери, пландары жана локалдык документтери, методикалык колдонмолору мамлекеттик тилде даярдалып, бекитилет. Омбудсмен Институтунун кызматтык ишинде зарыл болгон учурда расмий тилге которулушу мүмкүн.

Ички мониторинг жана баалоо Омбудсмен институтунун атайын түзүмдүк бөлүмү тарабынан системдик негизде, чаралардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүүчү жана аларды жакшыртуубоюнча сунуштарды жалпылоочу жана аналитикалык материалдарды, маалыматтарды чечимдерди кабыл алуу үчүн парламентке анан ары жиберүү үчүн Омбудсмендин баяндамасынын долбооруна киргизүүчү түздөн-түз аткаруучулардан маалыматтын негизинде жүзөгө ашырылат.

Ошондой эле өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн жана жарандык коомдун уюмдарынын, анын ичинде жарандык коомдун укук коргоо уюмдары менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу платформасынын алкагында катышуусунун эсебинен Стратегияны ишке ашыруунун ачыктыгы камсыз кылынат.

Стратегиянын аткарылышы жөнүндө маалымттын жыйынтыгын ар жылдык баяндамада, маалыматтык-аналитикалык бюллетенде парламент үчүн (3.1-милдетти кара) чагылдыруу жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жана зарылдыкта Омбудсмендин сайтында жарыялоо керек.

### *4.2. Стратегияны ишке ашыруунун күтүлүүчү натыйжалары*

Стратегияны ишке ашыруунун натыйжасында төмөнкүлөр камсыздалышы керек:

- Омбудсмен Институтунун адамдын жана жарандын уктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу жаатындагы ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу;

- Омбудсмен жөнүндө ченемдик укуктук базаны колдонуудгы мыйзмдарга шайкеш келтирүү;

- натыйжалуу иштеп турган, кесипкөй кадрлар менен комплектелген жана өзишиндще колдонулуучу Омбудсмен Аппаратынын алдыңкы технологиясын куруу аркылуу адам укугун жана эркиндигин коргоо жаатында стратегиялык милдеттерди ырааттуу чечүү;

- Омбудсмен Аппаратынын кызматкерлери тарабынан кызматтык милдеттерди аткаруунун тиешелүү деңгээлине жетүү;

- Омбудсмен Институтунун жарандык коом менен өз ара аракеттенүү атмосферасын жана ачыктыкы камсыз кылуу үчүн шарттарды түзүү;

- Омбудсмен Институтун финансы-экономикалык, техникалык камсыздоону жакшыртуу үчүн негиз түзүү;

- Аппарат кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатуу;

- жарандар менен иштөөдө натйжалуулукту жогорулатуу;

- иштин толук кандуу проактивдүү компонентинин калыптанышы;

-бирдиктүү иликтөө, кыйноо учурларына каршы күрөшүү;

-эмгек укуктарын координациялоо жана контролдоо;

- Институтта кызматты башкаруунун натыйжалуу жана оптималдуу тутумун түзүү.

### *4.3 Стратегияны ишке ашырууну ресурстук камсыздоо жана анын аткарылышына контроль*

Стратегияны ресурстук камсыздоо мамлекеттик бюджетин, ошондой эле донордук уюмдардын каражаттарынан каралат.

Стратегия менен каралган иш-чараларды ишке ашыруу үчүн чет өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын техникалык жардам көрсөтүүсүнүн натыйжасында алынган каражаттар, донорлордун гранттык жардамдары тартылышы мүмкүн.

Стратегиянын иш-чараларын аткаруу боюнча пландар такталышы, өзгөрүүлөргө жараша деталдашуусу жана толукталышы мүмкүн.

Стратегияны ишке ашырууга контроль Омбудсмен тарабынан түздөн-түз жүрүзүлөт. Стратегияны турмушка ашыруу үчүн аракеттердин этап-этабы менен планын иштеп чыгуу пландалууда. Стратегиялардын жана пландардын толук кандуу ишке ашырылышына мониторинг жана координациялоо жүргүзүүнү Омбудсмен тарабынан ыйгарым укук берилген түзүмдүк бөлүм жүргүзөт.

Стратегияны жана пландарды шашылыш ишке ашыруу көпчөлүк учурларда катышуучулардын бардыгынын өзгөрө керектигин түшүнүүсүнөн көз каранды болот. Өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары Стратегиянын ишке ашырылышын камсыз кылууга багытталган бирин бири толуктаган жана өнүктүрүүчү процесстер болуп саналат.

Стратегияны ишке ашыруу милдеттердин жана иш-чарадлардын так тизмегин, катышуучулардын жоопкерчилик деңгээлин жана мамлекеттин улуттук программаларынын алкагында күтүлүүчү натыйжаларга жетүү мөөнөттөрүн караган бул планды ишке ашыруунун конкреттүү этаптары мене ниш-чаралар комлексин иштеп чыгууну болжолдойт.

Стратегиянын алкагында милдеттерди аткаруу каржылоо ресурстарына жана булактарына керектөөлөрдү аныктоого таянат, өнөктөштөрдлү тартуу, баалоочу көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн болжолдойт. Түрдүү этаптарда тобокелдиктерди талдоону, ошондой эле түрдүү сценарийлерди салыштырууну кароо зарыл. Стратегияны жана пландарды аткаруу мониторинги дайым жүргүзүлүп турат (4.1. кара).

## ГЛОССАРИЙ

*Адам укугу* – бул универсалдык, расмий таанылган, эл аралык коомдоштук тарабынан кепилденген, адамдарга ажырагыс тандык болгон, жалпы таанылган ченемдерге жана коомдун жашоонун стандарттарына ылайык адамдын толук кандуу жашоо шарты үчүн керектүү мүмкүнчүлүктөр.

*Жаран* – мамлекет тарабынан юридикалык укуктар жана милдеттер берилген инсан, ага анын укуктары менен кызыкчылыктары коргоо алдында турган ошол мамлекеттин эгемендүүлүгү жайылтылат.

*Жарандын укугу* – расмий таанылган жана жарандардын мамлекет тарабынан кепилденген, мамлекетте үстөмдүк кылган саясий режимгежана өлкөнүн социалдык-экономикалык абалына жараша коомдо алардын саясий-укуктук статусу менен шарттлган мүмкүнчүлүктөрү.

*Стратегиялык пландоо* – уюмдун максаттарынын, анын түпкүлүктүү мүмкүнчүлүктөрүнүн жана коомдук-саясий турмуштагы кырдалдын ортосунда стратегиялык шайкештикти түзүүнүн жана кармап туруунун башкаруучу процесси, ошондой эле уюмдун ишин белилүү бир мөөнөткө болжолдоо.

*Стратегия* – максаттарга жетүүнү камсыз кылуучу иштин чөйрөсүнө, каражаттарына жана ишине тиешелүү, өнүгүүнүн узак мөөнөттүү багыттарынын сапаттык аныктамасы.

*Институт Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики* – национальный институт по контролю за соблюдением конституционных прав и свобод человека и гражданина на территории Кыргызской Республики.

*Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен)* – адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контроль боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 5 жыла шайлануучу жогорку мамлекеттик кызмат адамы.

*Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (омбудсмен) Аппараты* – анын консмтитуциялык ыйгарым укуктарын толук кандуу ишке ашыруу максатында Омбудсмендин (Акыйкатчынын) ишин камсыз кылуучу административдик мамлекеттик жумушчу орган.

*Омбудсмен Институтун өнүктүрүүнүн стратегиялык планы* – Институттун ишинин белгиленген мөөнөткө максаттарынын, милдеттеринин жана артыкчылыктуу багыттарынын системасы, ал адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерн коргоону оптималдаштыруу максатында Омбудсмен Институтунун бийлик органдары, коммерциялык эмес жана эл аралык уюмдар менен кызматташтыкта ишин жакшыртууга багытталган.

*Омбудсмен Аппаратынын ишинин реактивдүү компоненти* – адамдын жана жарандын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин улуттук мыйзамдар менен каралган иш-чаралардын белгиленген комплексин жүргүзүү аркылуу калыбына келтирүүгө багытталган иш.

*Омбудсмен Аппаратынын ишинин проактивдүү компоненти* – ченемдик, маaалыматтык жана изилдөө иш-чараларын өткөрүү жолу менен адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууну болтурбоого жана алдын алууга багытталган иш.

*Уюмду реформалоо* – уюмдун түзүмүн кайра түзүү жана оптимаодаштыруу, ишти уюштуруунун сапаттык жаңы формаларын жана башкаруу методдорун киргизүү.

*Концепция (филос.)* – кайсы-бир нерсени, кубулушту, процессти түшүнүүнүн, баяндоонун белгиленген ыкмасы; нерсеге же кубулушка негизги көз караш; аларды системалык түрдө чагылдыруунун жетектөөчү идеясы. «Концепция» термини ошондой эле жетектөөчү маанини жана илимий, көркөм, техникалык, саясий жана иштин башка түрлөрүндө конструктивдүү принципти белгилөө үчүн дагы пайдаланылат.

*Концепция (юрид.)* – туруктуу тенденциялардын талдоосуна, актуалдуу көйгөйлөрдү табууга жана социалдык-экономикалык жана саясий кесепеттерди болжолдоого негизделген, максаттардын, стратегиялык багыттардын жана алгылыктуу милдеттердин, аларды коомдук жашоонун аныкталган жаатында ишке ашыруу формаларынын жана методдорунун тутуму.

*Түзүмдүк-функционалдык метод* – анын ишин уюштуруунун оптималдуу түзүмүн иштеп чыгуу максатында анын ички мазмунун, түзүүчү компоненттерин, алардын өз ара аракеттенүү процессин үйрөнүү, кемчиликтерин жана жетишкендиктерин табуу аркылуу объектиге изилдөө жүргүзүү ыкмасы.

*Ички менеджмент* – уюмдун ички ишин башкаруунун формасы, методикасы жана процесси.

*Тышкы менеджмент* – тышкы акторлор менен өз ара аракеттенүү процессин башкаруу формасы жана методу.

*Тышкы актор* – алар менен конструктивдүү же деструктивдүү кызматташуу жүргүзүлгөн мамлекеттик, бейөкмөт же эл аралык уюмдар.

*Адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө эл аралык стандарттар* – адам укуктарын жана эркиндиктерин сактоого бирдиктүү талаптарды регламенттөөчү эл аралык ченемдик укуктук документтер жана жалпы таанылган, БУУнун Уставына ылайык макулдашуучу бардык мамлекеттер үчүн милдеттүү болгон принциптер.

*Транспаренттүүлүк* – уюмдун ишиндеги ачыктык, айкындык.

*Кадрларды рекрутирлөө* – уюмдун кызматкерлерин тандоо жана жайгаштыруу процесси.

*Мониторинг* – 1. Күтүлүүчү натыйжаларга салыштырмалуу долбоордун ишке кандайча ашырылып жаткандыгы жөнүндө маалыматтарды топтоо жана талдоо процесси;

2. каалаган натыйжаларга жетүү үчүн сапаттуу жетекчиликти камсыз кылуу максатында, изилденүүчү маселенин абалын башкаруу жана контролдоо боюнча маалыматтык-баалоочу каражаттардын жана түзүмдөштүрүлгөн процесстердин комплекси.

*Программа* – мамлекетти жана коомду өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу милдеттерин чечүүгө багытталган саясий, мыйзам чыгаруучу, социалдык, экономикалык, изилдөөчү жан башк уюштурууучулук иш-чараларды каржылоонун ресурстары, мөөнөтү, аткаруучулары жана булактары боюнча байланышкан комплекс, экономикалык жана социалдык мамилелерди жөнгө салуу инструменти.

*Натыйжалуулук* – алынган натыйжанын (эффектинин) сарптоолорго мамилеси. Натыйжалуулуктун сандык көрсөткүчтөрү натыйжанын чоңдугун аныктоого жана

экономикалык жана башка көйгөйлөрдү чечүүнүн мыкты варианттарын тандоого мүмкүндүк берет.

*Автоматташтыруу* – ага тапшырылган функцияларды автоматтык башкаруунун каражаттары менен айкашта жүзөгө ашыруучу эсептөө техникасынын каражаттары менен жабдуу тутуму.

*Жазык мыйзамдарын гумандаштыруу* – улуттук укук коргоо мыйзамдарына эркиндигинен ажыратуунун альтернативдүү жаза түрүн киргизүүгө багытталган ченемдик, жөнгө салуучу жана социалдык чаралардын комплекси.

*Лоббирлөө* – жеке өзү же жазуу түрүндө кайрылуу аркылуу же максаты кайсы бир мыйзамды кабыл алдыруу же четке кактыруу болгон кайсы бир топ же жеке жактар тарабынан башка ыкма менен (массалык петицияларды, публикацияларды уюштуруу ж.б.) парламентке же анын мүчөлөрүнө таасир этүү.

*Институционалдаштыруу* – кайсы бир уюмдун, өнөр жайдагы, агрардык сектордогу, коомдогу тармактын түзүлүү, калыптануу жана өнүгүү процесси.

*Пробация кызматы* – өз алдынча же ведомствого тиешелүү мамлекеттик, же коомдук уюм, анын иши камалгандарды, эркиндигинен ажыратуучу же чектөөчү жерлерде болуп келгендерди коомдогу жашоого адаптациялоого жана ресоциалдаштырууга багытталган.

*Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы Институту (мындан ары Акыйкатчы институту)* – мамлекеттик бийликтин атайын статусу бар улуттук укук коргоочу органы, адамдын жана жарандын Кыргыз Республикасынын Конституциясында, ченемдик укуктук актыларында жалпы таанылган принциптер жана эл аралык укуктун ченемдери менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен каралган укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контроль жүргүзөт.

*Эркиндигинен ажыратуучу жер* – административдик кармоого же камоого алынган, кылмыш жасагандыгы үчүн шектелип кармалган, кылмыш жасагандыгына күнөөлөнгөндүгүнө байланыштуу кайтарууга алынган, соттун өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза чарасын өтөп жаткан жакты кармоо үчүн багытталган жер, аны менен бирге:

- аймактык бөлүмдөрдүн нөөмөттөгү бөлүктөрүндөгү жай жана ички иштер органдарынын атайын кабыл алуучу жайы, убактылу кармоочу изоляторлор жана тергөө изоляторлору;
- соттук мекемелердин кароолдук жайларын убактылуу кармоо үчүн камералар;
- жатак колониялары, түзөтүү колониялары, тарбиялоочу колониялар, түрмөлөр;
- ички иштер бөлүмүнүн бөлүштүрүүчү-кабыл алуучу жайлары;
- гауптвахталар;
- административдик кармоого алынган жактарды кармоо үчүн чек ара кызмат органынын жайы;
- республиканын ичинде орун которгон жактарды жана баш коргоо жайларын издеген жактарды кабыл алуу жана убактылуу жайгаштыруу пунктулары;

*эркиндигин чектөөчү жер* – өзүнүн мүнөздөмөсү боюнча эркиндигинен ажыратуучу жер катары классификацияланбаган кандай болбосун жер, анда адам мамлекеттик органдын (кызмат адамынын) тескемеси боюнча же анын буйругу менен жүрөт же жүрө алат, ал жерде өз эрки менен таштап кете албайт, анын ичинде:

- укук коргоо органдарынын жайгашуу орду жана объектилери;

- жашы жете электерди адаптациялоо жана реабилитациялоо борборлору;

- ички иштер органдарынын, коргоо, улуттук коопсуздук, жазык-аткаруу тутумунун жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аскердик бөлүктөрү;

- психоневрологиялык мекемелер;

- психикалык оорулар, алкоголизм, баңги зат жана токсикомания менен жабыркагандарды мажбурлап дарылоо үчүн мамлекеттик мекемелер;

- карыялар, жашы жете электер жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жактар үчүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес медико-социалдык мекемелер (карылар үйү, балдар үйү ж.б.);

- тарбиялоонун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар жана өспүрүмдөр үчүн атайын мекемелер;

*Акыйкатчы Аппатарытынын кызматкерлери* – анын ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун жүрүшүндө Акыйкатчынын ишин камсыз кылуучу атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана мамлекеттик жарандык кызматкерлердин кызмат орундарын ээлеген жактар. Акыйкатчынын адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо ишин ишке ашыруу жана камсыз кылуу үчүн Акыйкатчы өзүнүн ыйгарым укуктарды жана функцияларды бөлүштүрүү жөнүндө чечими менен адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча өзүнчө функцияларды Акыйкатчы аппаратынын кызматкерлерине өткөрүп берүүгө укуктуу;

*Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоолушуна парламенттик контроль* – Акыйкатчынын ушул конституциялык мыйзамдын 3-беренесинде белгиленген субъектилердин ишине иликтөөлөрдү, мониторингдерди, талдолорду жүргүзүү аркылуу контроль жүргүзүү, тиешелүү чечимдерди, ушул конституциялык мыйхамга ылайык сунуштамаларды кабыл алуу боюнча иши;

*мониторинг* – адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктерининин сакталышы жөнүндө маалыматты системалык түрдө чогултуу, байкоо жүргүзүү, белгилөө жана талдоого алуу процессин ишке ашыруу максатында Акыйкатчынын жана Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин эксперттерди, жарандлык коомдун өкүлдөрүн, кызыкдар тараптарды тартуу укугу менен иши;

*инспекция* – Акыйкатчынын жана Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин ченемдик укуктук актылардын, белгиленген эрежелердин, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталыш маселелери боюнча эл аралык стандарттардын талаптарынын шайкештигине контроль жүргүзүү боюнча иши;

*Акыйкатчынын жана Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин иликтөөсү* - Акыйкатчынын жана Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлеринин адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери бузулган белгилери бар жагдайларды аныктоо, аларды жасагандыгы үчүн күнөөлүү жактарды табуу боюнча ушул конституциялык мыйзам менен каралган иши, алардын жыйынтыктары боюнча бузулган укуктарды

жоюу, калыбына келтирүү, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушуна түрткү берүүчү себептерди жана шарттарды табуу боюнча чаралар көрүлөт.